# БМУ жарчысы
# Вестник БГУ

№ 1(51)
2020

**К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ**
**НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА**

Башкы редактор
**А.И. МУСАЕВ**
филология илимдеринин доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары
**Г.М. МУРЗАХМЕДОВА**
филология илимдеринин доктору, профессор

**ISSN 1694-8122 (басып чыгаруу)**
**ISSN 1694-8130 (электрондук версия)**
**DOI: 10.35254/bhu**

Илимий журнал
2003-жылы негизделген
**Жылына 4 жолу жарык көрөт**

Журнал КРнын
Адилет министрлигинен
2001-жылы 2-мартта
каттоодон өткөн.
**Каттоо күбөлүгү**
**№ 504**

© К.Карасаев атындагы
Бишкек
мамлекеттик
университети

Журнал 2017-жылдан
РИНЦтин
түзүмүнө кирди

Журнал 2019-жылдан
DOI түзүмүнө
кирди

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**АКМАТАЛИЕВ А.А.** - филология илимдеринин доктору, академик
**БАЙГАЗИЕВ С.Б.** - филология илимдеринин доктору, профессор
**ИСАЕВ К.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**КАНИМЕТОВ Ж.К.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор
**ТЫНАЛИЕВА Б.К.** - медицина илимдеринин доктору, профессор
**САДЫКОВ А.С.** - филология илимдеринин доктору, профессор

**ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ**

**АБДУЖАБАРОВ Х.А.** - тарых илимдеринин кандидаты
**АКМАТОВ Б.М.** - педагогика илимдеринин доктору
**АСАНОВА А.А.** - филология илимдеринин кандидаты
**ЕЛЕБЕСОВА С.А.** - педагогика илимдеринин кандидаты
**ИСКЕНДЕРОВА С.И.** - филология илимдеринин доктору, профессор
**ИСМАИЛОВА Э.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**ИШЕМКУЛОВ Т.И.** - профессор
**КОЗУЕВ Д.И.** - филология илимдеринин кандидаты
**МАШРАПОВ Т.Т.** - тарых илимдеринин кандидаты
**ОРОЗАЛИЕВ Э.С.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**САВИН В.Е.** - экономика илимдеринин доктору, профессор
**СЕЙИТБАЕВ Б.Т.** - саясий илимдеринин кандидаты
**ЧОГУЛДУРОВ М.Д.** - география илимдеринин кандидаты

Редакциянын дареги:
722044. Кыргызстан, Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси, 27. К.Карасаев атындагы БМУ.
Тел.: (+996) 312 21-87-11, 21-89-61.
Электрондук почта: vestnik_bgu@mail.ru; vestnik@bhu.kg

# Вестник БГУ
# БМУ жарчысы

**№ 1(51)**
**2020**

**НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА**
**К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ**

Главный редактор
**А.И. МУСАЕВ**
доктор филологических наук, профессор

Заместитель главного редактора
**Г.М. МУРЗАХМЕДОВА**
доктор филологических наук, профессор

**ISSN 1694-8122 (печатная версия)**
**ISSN 1694-8130 (электронная версия)**
**DOI: 10.35254/bhu**

Научный журнал основан
в 2003 г.
**Выходит 4 раза в год**

Журнал зарегистрирован в
Министерстве Юстиции КР
2 марта 2001 г.
**Свидетельство**
**о регистрации**
**№ 504**

© Бишкекский
государственный
университет
им. К.Карасаева

Журнал входит
в систему
РИНЦ с 2017 г.

Журнал входит
в систему
DOI с 2019 г.

**РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ**

**АКМАТАЛИЕВ А.А.** - доктор филологических наук, академик
**БАЙГАЗИЕВ С.Б.** - доктор филологических наук, профессор
**ИСАЕВ К.И.** - доктор философских наук, профессор
**КАНИМЕТОВ Ж.К.** - доктор педагогических наук, профессор
**ТЫНАЛИЕВА Б.К.** - доктор медицинских наук, профессор
**САДЫКОВ А.С.** - доктор филологических наук, профессор

**ЧЛЕНЫ НАУЧНО-РЕДАКЦИОННОЙ КОЛЛЕГИИ**

**АБДУЖАБАРОВ Х.А.** - кандидат исторических наук
**АКМАТОВ Б.М.** - доктор педагогических наук
**АСАНОВА А.А.** - кандидат филологических наук
**ЕЛЕБЕСОВА С.А.** - кандидат педагогических наук
**ИСКЕНДЕРОВА С.И.** - доктор филологических наук, профессор
**ИСМАИЛОВА Э.И.** - доктор философских наук, профессор
**ИШЕМКУЛОВ Т.И.** - профессор
**КОЗУЕВ Д.И.** - кандидат филологических наук
**МАШРАПОВ Т.Т.** - кандидат исторических наук
**ОРОЗАЛИЕВ Э.С.** - доктор философских наук, профессор
**САВИН В.Е.** - доктор экономических наук, профессор
**СЕЙИТБАЕВ Б.Т.** - кандидат политических наук
**ЧОГУЛДУРОВ М.Д.** - кандидат географических наук

Адрес редакции:
722044. Кыргызстан, г. Бишкек, проспект Ч. Айтматова, 27. БГУ им. К. Карасаева.
Тел.: (+996) 312 21-87-11, 21-89-61.
Электронная почта: vestnik_bgu@mail.ru; vestnik@bhu.kg

*УДК: 811.512.154*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.8*

*Джапанов Аттокур Асаналиевич*
*КРСУнун профессору, ф.и.к.*

# Т.СЫДЫКБЕКОВДУН «КӨК АСАБА» РОМАНЫНДАГЫ ЭВФЕМИЗМДИК ЫКМАДА КОЛДОНУЛГАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН СТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# СТИЛИСТИЧЕСКАЯ ОСОБЕННОСТЬ ФРАЗЕЛОГИЗМОВ, ПРИМЕНЯМЫХ В ЭВФЕМИЧЕСКОМ МЕТОДЕ В РОМАНЕ Т.СЫДЫКБЕКОВА «КОК АСАБА»

# STYLISTIC FEATURE OF FRAZEOLOGICAL UNITS USED IN THE EUFEMISTIC METHOD IN T.SYDYKBEKOV "KOK ASABA"

***Аннотация:*** *Фразеологизмдердеги образдуулук касиет жөнүндө сөз кылганда, анын маанисине кайрылууга туура келет, башкача айтканда, андагы образдуулук фразеологизмдердин маанилери анын жеке сөзгө карата эквиваленттүүлүгү менен белгиленет. Фразеологизмдерде нерсе, анын белгилери, кыймыл-аракети, сапаты, абалы жөнүндөгү мааниден сырткары ал маанилердин чекке жетип, күчөтүлгөн, же тескерисинче, өтө басаңдатылган мүнөздөгү оттенкалары, эмоционалдык, экспрессивдик кошумча белгилери кошо берилген болот. Андыктан, алар ой-пикирди таамай, курч, жеткиликтүү берүүдө жана анын көркөмдүк татымын күчөтүүдө кеңири колдонулуучу эң бай тилдик каражаттардан болуп саналат. Бул макалада жазуучунун өлүмдү, оорулардын түрлөрүн, кудайлардын жана духтардын аттарын атоого тыюу салынган табуланган сөздөрдү да өзгөчө көркөмдүк ыкмада колдонуп келгендиги айтылат. Эвфемизмдерди колдонуу пикир алышкан адамдардын жашы, жыныстык айырмачылыктары менен тыгыз байланыштуу. Эвфемизмдик фразеологизмдер менен атап, көркөмдөтүп окурманга тартуулоо жазуучунун тил каражаттарын иштетүү, тандоо, өтмө маанисин туя билүү чеберчилигине жараша ишке ашат. Бул жагдайдан байкоо жүргүзгөндө Т.Сыдыкбеков эвфемизмдик фразеологизмдердин стилистикалык маанисине өзгөчө мамиле кылгандыгы көрүнүп турат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *эквиваленттүүлүк, фразеологизм, эмоционалдык, образдуулук, табуланган сөздөр, стилистикалык маани, экспрессивдик, тандоо.*

***Аннотация****: Образность фразеологизмов, когда речь идет о сущности, приходится обращаться к ее значению, т. е. образность в нем определяется эквивалентностью смысла фразеологизмов к личному слову. В фразеологизмах, помимо смысла о чем-либо, его признаках, поступках, качествах, состоянии, могут быть представлены оттенки эмоционального состоянии, экспрессивного характера, достигающие предела этих значений, усиленные или, наоборот, сильно замедленные. Поэтому они являются самыми богатыми языковыми средствами, широко используемыми в четком, остроумном, доступном вещании и усилении его ху-*

*дожественного вкуса. Эта статья показывает, что автор использует особенно изящный метод описания смерти, видов болезней, имен богов и духов, запрещенных к названию. Применение эвфемизмов тесно связано с возрастом, половыми различиями в общении. Использование эвфемических фразеологизмов в качестве художественного выражения читателю осуществляется в зависимости от умения автора обрабатывать, выбирать, копировать переходное значение языковых средств. При наблюдении за этой ситуацией Т.Сыдыкбеков обратил особое внимание на стилистические значения эвфемических фразеологизмов.*

***Ключевые слова:*** *эквивалентность, фразеологизм, эмоциональность, образность, табу слова, стилистическое значение, экспрессия, выбор.*

***Abstract***: *the Imagery of phraseology when talking about the essence, it is necessary to refer to its value, i.e., the imagery in it is determined by the equivalence of meaning of the idioms to the personal word. In phrase logical units, in addition to meaning about something, its signs, actions, qualities, and state, shades of an emotional state or an expressive character can be represented, reaching the limit of these values, amplified, or, conversely, severely slowed down. Therefore, they are the richest language tools, widely used in clear, witty, accessible broadcasting and enhancing its artistic taste. This article shows that the author uses a particularly elegant method of detecting corpses, types of diseases, names of gods and spirits that are forbidden to be named. The use of euphemisms is closely related to age and gender differences in communication. The use of euphemisms is closely related to age, in particular. phraseology as an artistic expression for the reader is carried out depending on the author's ability to process, select, and copy the transitional meaning of language tools. When observing this situation, T.Sydykbekov paid special attention to the stylistic meanings of euphemistic phrase logical units.*

***Keywords:*** *equivalence, phraseology, emotionality, imagery, taboo words, stylistic meaning, expression.*

Фразеологизмдердеги образдуулук касиет жөнүндө сөз кылганда, анын маанисине кайрылууга туура келет, башкача айтканда, андагы образдуулук фразеологизмдердин маанилери анын жеке сөзгө карата эквиваленттүүлүгү менен белгиленет. Эгерде биз фразеологизмдердин маанилерин жеке сөздүн маанилик эквиваленти катары гана карай турган болсок, анда фразеологизмдерге мүнөздүү болгон образдуулук касиетти танууга туура келмек. Анткени фразеологизмдерди жеке сөздүн кадыресе эквиваленти катары кароодо алардын пикир алышуучулук функциясын — кандайдыр бир түшүнүк, маани жөнүндө маалымат алуу жагын гана эске алган болобуз. Бул жагынан фразеологизмдик маани жеке сөздөгү маани менен шарттуу түдө эквиваленттүүлүктү түзөт.

**Чычкан мурду жорголгогус -** коюу, калың; **Мурдун балта кеспейт** - кенебейт.

Бирок, фразеологизмдердин маанилери жогоркудай жеке сөздүн маанилери менен чектелбейт, б. а., фразеологизмдик маани анын эквиваленти тарабынан берилген маанинин же түшүнүктүн өзү эмес, анын кыйыр жана элестүү түрдөгү өзгөчө бир туюнтмасы.

Демек, фразеологизмдерде нерсе, анын белгилери, кыймыл-аракети, салаты, абалы жөнүндөгү мааниден сырткары ал маанилердин чекке жетип, күчөтүлгөн, же тескерисинче, өтө басандатылган мүнөздөгү оттенкалары, эмоционалдык, экспрессивдик кошумча белгилери кошо берилген болот. Андыктан, алар ой-пикирди таамай, курч, жеткиликтүү берүүдө жана анын көркөмдүк татымын күчөтүүдө кеңири колдонулуучу эң бай тилдик каражаттардан болуп саналат.

Элдин тунук акылынан, баамчыл, сергек сезиминен сызылып чыгып отуруп, тамчыдан көлгө айланган көркөмдүк татымы, көп кырдуу касиети боюнча нечен жылдап, нечен кылымдап муундан муунга, электен элекке өтүп жылмаланган мындай элдик мурастар көөнөрбөс көркөм каражаттар бүгүнкү күндө сөз чеберлери тарабынан ар кандай образ, мүнөз түзүүдө, каармандардын сөз өнөрүнүн элесин, сүрөтүн тартууда табылгыс курал, бөксөргүс казына катары кеңири пайдаланылат (Сапарбаев, 1997,304).

Жазуучу кыргыз элинде тике, түз айтууга мүмкүн болбогон орой, одоно сөздөрдү жумшартып, эвфемизмдик ыкма аркылуу берүү үчүн да жалпы элдик фразеологизмдерди ыктуу пайдаланат: Мисалы: **Көзүм тирүү болсо, айкырып, билгиң болоормун.**

Бул сүйлөмдө жазуучу **көзүм тирүү болсо** деген эвфемизмдик фразеологизмди **тирүү болсом, өлбөсөм** деген маанидеги сөз айкашынын ордуна колдонгон. Албетте, бул сүйлөмдү жазуучу жөн гана: өлбөсөм, айкырып, кеңешчиң болормун деген сөздөр менен гана жазып койсо болмок, бирок, Т. Сыдыкбековдун көркөм чыгармага көркөмдүк маани берүү максатында образдуу-экспрессивдүү вариантты колдонгон.

Дүйнө элдеринде өлүмгө карата колдонулган эвфемизмдердин ар кандай түрлөрү кеңири тараган. Анткени **өлдү** деген сөз кулакка жагымсыз, суук кабар катары угулат. Ошондуктан, бул сөздү түз айтпай жымсалдап, жумшартып, **«көзү өттү»** деп айтышат. Ал эми ошол эле көзү тирүү деген эвфемизмдик маанидеги фразеологизм тирүү (жашап жатат) деген маанидеги сөз болуп саналат.

Негизинен, аталган эвфемизмдик маанидеги **«көзү тирүү»** деген фразеологизм сөздүктө **эки мааниде: 1. Жандуу, чыйрак, тың, бышык. 2. Аман-эсен, топурактан тышкары** деген маанилерде берилген (КТФС, 1980, 179).

Демек, берилген сүйлөмдө Эр-Киши, эгер тирүү турса, баланын насаатчысы болуп тураары тууралуу айтылганы ырасталат.

Кыргыз элинде маданияттуу сүйлөшүү жана анын негизги принциптери, категориялары өтө узак мезгилдик тарыхка ээ. Башкача айтканда, кыргыздар ошол категорияларды бир нече кылымдар мурда эле иликтеп таанып келген. "Тилинен чаң чыккан" чечендер кыргыз элинин урууларынын ортосундагы чырчатактарды басууга, элчилик кызмат аткарууга мүмкүнчүлүгү болгон. Аларды калк кадырлаган.

Лексиканын корундагы эвфемизмдер да маданияттуу сүйлөө талап кылынган учурда келип чыккан. Эвфемизмдерди колдонуу менен кепте улут өз маданий деңгээлин чагылдыра алган.

Эвфемизмдер да тилдик башка каражаттар сыяктуу эле коомдук көрүнүш катары элибиздин өткөндөгү жана азыркы үрп-адат, каада- салты, турмуш-тиричилиги, дүйнөгө болгон көз-карашы менен тыгыз байланышта.

Жогоруда биз сөз кылган өлүмгө байланыштуу эвфемизмдери медициналык ар кандай аракетке байланыштуу келип чыккан.

Нукура кыргыз тилинде **«өлүм»** деген сөздү — **кайтыш болду, каза болду, тиги дүйнөгө сапар тартты, курман болду, көз жумду, учуп кетти, ээсине кетти, чарчады, сапары карыды, жер жазданды, көзү өттү** деген сөздөр менен алмашылат.

Эми төмөндөгү мисалды алып көрөлү.

Көзүнөн чаар чымын учуп, калтаарып, камандан кача албай туруп калса, анда, бу бала жанчар сундуруп жоо саярда көз жумат, коркок? (3.60-б.).

Сөздүк кордогу лексикалык каражаттарды жөн эле туш келди пайдалана бербестен, жазуучу ар бир эвфемизмдик фразеологизмдерди өз ордунда, шартына жараша колдонгону байкалып турат. Байкап көрөлү, өлдү деген сөздүн ордуна аталган сүйлөмдө **«жер жазданат»**, же **«учуп кетет»** деген сыяктуу эвфемизмдик фразеологизм менен алмаштырууга тук болбойт, себеби, лексика-семантикасы жагынан аталган сөздөр бири-бирине уйкашпай капышат. Ошондуктан, ар бир кепте өзүнө тиешелүү сөздүк бирдиктер колдонулган.

Негизинен, кыргыз элинин тарыхына, маданиятына, анын тилдик корунун өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүп көрсөк, аталгандай, ажалга байланыштуу процесске карай кыргыз баласы «көзү өтүү», «угузуу», «кошок айтуу», «жоктоо», «жерге берүү» деген сыяктуу тергөө сөздөрүн колдонгону өтө жоопкерчиликтүү мамиле кылгандыгын айгинелейт.

Аталган сөздөр табуланып, эвфемизмге айланып калса даты алар туруктуу сөз айкашы катары каралат да, тил илиминде фразеологизмдик касиетин сактап келген.

**Мен коркок экем... Ыйык жерди башым жазданарда мен арамдыгымды ошол көңүл жерге ала кетпейин. Андан жер жийиркенер** (4.76-б.).

**Жерди башым жазданарда** - демек, **өлөөрдө** деген маанини билдирген фразеологизмди жазуучу ыктуу колдонгон. Учуп кетеримде курман болорумда, чарчарымда, сапарым карырда деп айтууга болбойт, демек, дал ушул фразеологизм эң таамай табылып, колдонулган.

Тилдин лексикалык корундагы бир катар сөздөрдүн түз, айрымдарынын түз да, эвфемизмдик да мааниге ээ экендиги айкашкан сөздөрдүн лексика-грамматикалык табиятына шартталган болсо, контексттин ситуативдик жактарына ылайык эвфемизмдик фразеологизмдерди колдонууда эмоционалдык-экспрессивдүүлүк артат.

**О, көп жолу кылыч сынды. Болдурбас тулпар окко учту. Жеңилбес эрен өксүдү** (5.197-б.).

**Ажо, жылаңач кол <u>кыргын тапты</u>, ташка айланды** (6.178-б.).

Өлдү деген сөздүн ордуна канчалаган эвфемизмдик фразеологизм колдонулган! Албетте, «окко учту», «кыргын тапты» деген сөз айкашынын боюнда баатырдык менен курман болду деген маани жатат. Себеби, адам жоо менен согушка чыкканда гана окко учуп, бүткүл кол кыргынга учурайт. Демек, аталган фразеологизм учуруна байланыштуу эң туура тандалып алынгандыгын көрүүгө болот.

Кыргыз элинин салтында, менталитетинде маркумдарды «көзү өткөндөр» деп атап коюу калыптанып калган салтка айланган. Себеби, алардын арбагын сыйлоо милдет катары каралган. Ошондуктан «көзү өткөндөргө арнап куран окуп коёлу» дешет кыргыздар. Мындай салт чыгармада төмөндөгүдөй тизмектелип берилген: **Анда булар, тээ эбактан көзү өткөн бабаларынын урпагын эстейт** (7.121-б.).

Демек, бул саптардан кыргыз элинин көзү өткөндөргө карата болгон сыйы-урматы чагылдырылып турат. Аларды эстөө, аларга багыштап куран окутуу сыяктуу жөрөлгөлөр кылымдардан бери сакталып келүүдө.

Жалпы элдик формадагы фразеологизмдер жазуучу тарабынан чыгармадагы окуялардын кайсы тарыхый мезгилге, доорго тиешелүүлүгүнө байланыштуу ошол учурдагы улуттук каада-салтты, үрп-адатты реалдуу чагылдыруу максатында да колдонулат.

**Текештей эр жоокердин өлүмү - муң. <u>Сөөгүн жерге берүү машакат</u>. Башта мындан көп заман мурда өлгөн жоокер зайыбын да өзү менен бирге <u>ала жатчу</u>. Жортуулда минген аты, кийген кийими, жоо - жарагы, о дүнүйөдө татаар-аш-тамагы, өзүнө кызмат этээр кул-күңү менен сөөк <u>кайтпас сапарга узачу</u>.**

**... Ажалы жеткен эрге сопсоо жарын <u>кошо узатуу</u> - эл тукумуна жоо кетирди. Кырчын жоокер чабышта каза тапса, анын кырчын жарын <u>кошо узатуу</u> — баарыдан мурда жетим калган Кызыл чие балдарга муң** (8.88-б).

**Каруу сого албас жаманды биздин баба жортуул алдында өз колу менен <u>топуракка жашырып салчу</u>...** (9.37-б.).

Берилген тексттеги алды сызылган **«сөөгүн жерге берүү», «ала жатчу», «кошо узатуу», «топуракка жашырып салчу»** - деген эвфемизмдик фразеологизмдер **«көмүү»** деген процесстин атын билдирүүчү конструкциялар. Бул процесстин атын Т.Сыдыкбеков эвфемизмдик фразеологизмдер менен берип, чыгарманын эмоционалдык-экспрессивдик деңгээлин көтөрдү. Бул фразеологизмдер тилибиздин өткөндөгү каада-салтына байланыштуу түшүнүктөрдү билдирет. Демек, чыгармада улуттук колоритти таасын берүүдө жана элибиздин өткөндөгү каада-салтын реалдуу чагылдырууда жогоркудай (фразеологизмдердин колдонулушун автордун жалпы элдик тилдин бай казнасын мыкты өздөштүргөндүгү жана аны чыгарманын маани-мазмуну менен кылдат айкалыштыра апган чоң чеберчилиги катары баалоо керек.

**Сапарга узатуу** деген сөз айкашын контексттен сырткары ала турган болсок, жолго чыккан адамды узатып чыгуу деген мааниге туура келит. Ал эми аталган сүйлөмдө болсо андай жөнөкөй мааниде эмес, жерге берүү маанисин камтып тургандыгы ачык көрүнүп турат.

**Ала жатуу, кошо узатуу** сөз айкаштары да дал ушундай эле өз алдынча турганда эч кандай эвфемизмдик да, фразеологизмдик да кызмат атабайт. Ал эми жерге көмүү процессин атоодо аларды жазуучу эмоционалдык-экспрессивдик касиети менен ыктуу колдонуп бере алган.

Жогорудагы текстте асты сызылган сөз айкаштары адамдын жерге коюлуш процессин көрсөтүүчү каражат болуп эсептелет. Алар контексттен сырткары, өз алдынча турганда ал процесстин атын атабагандыктан, бул каражаттарды **контексттик эвфемизмик фразеологизмдер** деп атасак да болот. Себеби, аталган сөздөрдүн ар бирин өз алдынча алганда жөнөкөй гана маанини, мисалы, кошо узатуу деген айкаш жөн гана бир адамды экинчи бир адам менен кошо, чогуу багытка узатып жиберүү дегенди түшүндүрсө, ал эми көркөм чыгармада жерге берүү деген сөздүн ордуна колдонулуп эвфемизмге айланды да, атактуу баатырдын баатырдыгын даңазалоочу - салтты сүрөттөп, аталган көркөм сөз каражаттары аркылуу берип жатат.

Ал эми **ала жатуу** деген айкашты биз көбүнчө күнүмдүк турмушта, тактап айтканда кошок айтууда угабыз. Каза тапкан адамдын жары кошок кошууда **«Арбагың менен ала жат»** деген саптарын жолуктурууга болот. Демек, аталган эвфемизмдик туруктуу сөз айкаш кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында да өтө кеңири жайылтылган вариант экендигине күбө болобуз.

Каармандардын кебиндеги жалпы элдик формадагы фразеологизмдердин колдонулушу жазуучунун жалпы элдик тилдин бай казынасынан пайдалануу жөндөмүнө, чеберчилигине тыгыз байланыштуу болот. Жалпысынан алганда, жазуучу эвфемизмдик фразеологизмдер аркылуу романдын көркөмдүк табитин көтөрүү менен бирге, каармандардын тилдик-стилистикалык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү максатын көздөйт.

Өлүмгө байланыштуу көрүнүштөрдү чагылдыруу байыркы доордон бери карай жашап келе жаткандыгын жана ошол доорлордон бери ар кандай синонимдик сөздөр менен колдонулуп келе жаткандыгына да бир мисалдан күбө болобуз.

Демек, аталган эвфемизм сөздөр контекст ичинде гана «жерге берүү» сөз айкашынын маанисин алмаштырса, өз алдынча же жеке турганда эвфемизмдик мааниге ээ эмес.

Албетте, көркөм сөз чеберлери мүнөздөрдү ачып берүүдө көркөм каражаттарынын түрүн колдонот, бирок алар да ошол чыгарманын стилистикалык мүнөзүнө жараша аткарылат.

Жоокер каза болуп жерге коюлат. Ал эми анын алган жарынын абалына карай да, айтууга оор, болгон, башкача айтканда жагымсыз угулган аталыш бар. Ал - **жесир**. Мына ушул аталыштын түрүн да жазуучунун түрдүүчө колдонгонуна күбө болобуз.

**Ордо ээси Эр-Күлчүрдүн көзү өттү. Эм ордо <u>жесирдики</u>** (10.239-б). Албетте, кыргыз элинде жарынан ажыраган адамды жесир деп атоо салтка айланган. Бул кыргыз элинин лексикалык корумуна кирип, калыптанып калган эвфемизмдик фразеологизм. Бирок, жазуучу аталган маанини бере турган дагы бир эвфемизмдик фразеологизмди дагы бир учурда өтө кызыктуу колдоно алган. Мисалы:

**Балта сабы тул калды,**
**Аны кармар кол жок.**
**Кайың сынды, чер кыйрады**
**Аны жагар от жок.**

**Деп кыз чагында <u>тул</u> калган эчен асыл-аруу кыз, келин жубайларын жок издешмек.**

**Жесир** деген - күйөөсү өлүп калган аялга тиешелүү сөз. Мындан сырткары кыргыз тилинде «тул» деп да айтылат. Бирок, бул сөз эмоционалдык экспрессивдик терс маанини билдирет, башкача айтканда төмөн баскычтагы (терс) маанини билдирүүчү сөз жана булар көбүнчө Октябрь революциясына чейин кенен колдонулган сөздөрдөн болуп эсептелген. Кийин бул сөз илим-билимдүү, маданияттуу адамдардын кебинде колдонулбай, **жесир** сөзү менен алмаштырылган.

Албетте, турмушка чыккандар, жары каза таап жесир калат, тул болсун, ал эми турмушка чыга элек кыз кантип жарынан ажырасын. Бирок, антташып койгон адамы жоодо окко учса, анын турмушу дал ошол жесирге барабар болот деген маанини билдире кеткен.

Ошону менен бирге эле, Т.Сыдыкбековдун биз талдоого алып жаткан чыгармасында **«төшөк тартып»** деген эвфемизмдик (фразеологизм) орун алган. Албетте, бул сөздүн орток мааниси - **оору**. Оору сөзүнүн жогорулатылган оң мааниси **сыркоо, дарт, кесел** деген эвфемизмдер болот. Ал эми төмөнкү сүйлөмдө жазуучунун төшөк агартып деген сөздү колдонулушуна токтолсок:

**Бала ат үстүндө төрөлүп, ат үстүндө чоңойду, кыз ат үстүндө шөкүлөсүн алдырып, көшөгөсүн ачты; кары-картың ат үстүндө төшөк тартып, көргө коюлду; жоокер ат үстүндө чырым уктап, ат жалында суусун жутту; уа, биздин журттун көргөн күнү, кечирген тиричилиги жортуул, чабыш, чабыш?** (11.175-б).

Сүрөткер бул жерде сыркоолоп, кеселдеп деген сөздөрдү деле колдонсо болмок, бирок, аталган сөздөрдүн маанисине кеңул буруп көрсөк, төшөк тартып дегенде, адам баласы катуу оорууга чалдыкканын же оорунун күчөгөн түрүн түшүндүрсө, сыркоолоп деген сөз менен жеңил гана түрдөгү (ушуп калуудан, б.а. суук тийип гана) ооруну атаган маани келип чыгат. Сыркоологон адам сөзсүз туруп кетет, ал эми ооруган адамдын айыгаар, айыкпасы белгисиз экендигин эстен чыгарбоо керек. Экинчиден, кары-картан, адам ооруганда алсыз жатып калаары барыбызга маалым. Демек, аны менен бул адамдын жаш өзгөчөлүгүн да туюндурууга болот.

Адамдарды сырткы күчтөрдөн сактоо максатында оорулардын атын атабоого жана медициналык ар кандай аракетке байланыштуу эвфемизмдик фразеологизмдерди туура колдонууну билүү жазуучунун талантынан кабар берет.

**Кара өзгөй кишидей ишеними аз мындай жылдын. Бирде <u>кара тумоо</u> күч, бирде <u>улуу тумоо</u> күч,.. Бирде койду кыл курт алыр, бирде төөгө чымын тиер** (12.206-б.).

Кыргыздарда **«келте»**, **«чечек»** деп аталган оорунун атын атоого тыюу салынган. Анын ордуна «кара тумоо», «улуу тумоо» деген эвфемизмдик фразеологизмдер колдонулуп келет. Мындан сырткары бул аталыштагы ооруну **«конок»** деп да аташат. Себеби, конокко үй ээси сылык мамиле жасап, анан жолго узатат. Ошол сыңары эле бул аталган ооруну оорулуу орду менен, жаңылыштык кетирбей дарылаѕа гана кетери маалым. Эгерде нагыз аты менен атай турган болсок, оору ошол ооруп жаткан адамдын **«жанын алып кетет»** деген ишеним бар. Оорулардын аттарын дарыгерлер (врач) көбүнчө тергешип, латынча атоого өтүшкөн, башкача айтканда ал «коркунучтуу» делген оорулардын атын латын тилиндеги синонимдер менен алмаштырышкан же өзгөчө медициналык терминдер менен аташкан. Мисалы **«рак»** оорусун - **«cancer»** же **шишик** деген сөз менен, **кургак учук** оорусун — **tbc- туберкулез, операцияны - хирургиялык кийлигишүү, өлүмдү - летальный исход** деп аташат.

Ааламдын жаралышы, аны башкаруучулар жөнүндө ой-жүгүртүүлөр өзгөчө чыгыштагы Месопатамияда өкүм сүрүп, мифологиялык дүйнө тааным биринчилерден болуп ушул жерде пайда болгон. Мисалы, кудайлардын пайда болушу жөнүндөгү көз караштарын алып карасак: Тиомат менен болгон согушта Вавилондук кудай Мардук каза болуп, анын негизинде башка кудайлар пайда болгон деген көз карашын айтсак.

Алгачкы коомдо жашаган адам баласы жаратылыштын ар бир кубулушун, оору-сыркоолорду, табигый кырсыктардын бардыгын тең кандайдыр бир сыйкырдуу күч тарабынан жиберилип жаткан көрүнүш катары кабыл алчу. Ошондуктан ошол кандайдыр бир сыйкырдуу күчкө ишенишип, ага сыйынышып, андан коркуу сезими менен күн көрүшкөн. Ошентип, алгачкы коомдун жан дүйнөсүндө миф орчундуу орунга чыгып, коомдук аң-сезимдин универсалдык формасына айланган. Оттун, кол өнөрчүлүктүн ж.б. пайда болушуна дагы табышмактуу карашкан. Ошентип, сыйкырдуу күчтөргө карата каада-салттар пайда боло баштаган, аларга болгон ишеним күчөгөн да ошол каада-салтты бузбаганга аракеттенишкен да андан улам мифологиялык көз караш жаралган.

Адам денесинен чыга турган **"кан"** деген түшүнүктү тике айтышпастан, **"кызыл"** деп атап коюусу да ошондон улам пайда болгон.

Мисалы: **Араага туш. Көк болоту кындан чыкпасын! Кызыл акпарын. Ачуу чыксын! - дегендей белги** (13.135-б).

**- Кек тутсам, көк кессин, <u>кызылым</u> чыксын!** (14.136-б).

Демек, кан агып, жаным чыксын деген түшүнүк туюлуп турат.

Мифтин жекече өзгөчөлүгү байыркы дүйнөдө ачык көрүнөт. Анткени байыркы дүйнөдө айлана-чөйрөнү, жаратылышты, ааламды түшүндүргөн илимдин ордун ээлеген жана функциясын аткарган, ал ошондой эле элдин рух маданиятын да аныктаган. Мына ошондуктан, байыркы коомдо миф сүрөттөгөн, же түшүндүргөн окуялар, көрүнүштөр, өздөрүнүн фантастикалуу экенине карабастан, алар реалдуу кабыл алынган. Кийин мифологиядан коомдук аң-сезимдин формалары болгон дин, искусство, философия, адабият, идеология ж.б. бөлүнүп чыккандан кийин, мифтин жаңы мезгили башталат (Кыдырбаева, 2004, 327). Демек, миф - адам баласынын жан дүйнө (духовный) маданиятынын эң алгачкы формасы катары диний ишенимдерди (ырым-жырымдардын пайда болушу), саясий көз караштарды (уруулар ортосундагы биримдикти сактоосу), искусствонун түрлөрүн (аңчылыкка, ырым-жырымдарга байланыштуу айтымдардын келип чыгышы), философияны (дүйнөнүн жаралышы тууралуу ой-жүгүртүүлөр ж. б) бириктирип турган. Мифтин интеллектуалдык өзгөчөлүгү ошол коомдогу адамдардын ой-жүгүртүүлөрү конкреттүү эмоционалдык, поэтикалык образдарда, метафораларда чагылдырылганы. Мифологиялык түшүнүктө жаратылыш кубулуштар менен маданият жакындашкан, адамдык сапат курчап турган чөйрөгө өткөрүлгөн, жаратылыш күчтөрү, аалам адам кейпине келтирилген, жандандырылган. Тиги дүйнө менен бул дүйнө дайыма карым-катышта жашайт деп эсептелген. Мисалга алсак, коомдук өнүгүштүн алгачкы баскычында жашаган Сибирдеги самоед, Түштүк Индиядагы утода, монголдордо, Сахарадагы туарег, Япониядагы айн жана Борбордук Африкадагы акамба элдеринде каза болгон адамдардын атын атоого тыюу салынган. Себеби, ал адамдын аты аталса, жин-шайтандар угуп, билип калышып, аны кыйноого алат деп түшүнүшкөн. Аталган элдеги адам аттарынын ичинен жаныбарлардын, бак-дарактардын, тоо-таштын атына уйкаш аттар көп болгон. Ал адамдын көзү өтүп кеткен соң, анын аты менен аталган нерсенин бардыгынын тең аттарын өзгөртүп атоо пайда болгон. Жогорудагы оорунун атын атоодон чочуулоо да дал ушундай түшүнүктөн улам келип чыккан. Мындай көрүнүш азыркы учурда да кеңири сакталып келет.

Мына ушундай калыптанып калган көркөм сөз каражаттарын ыктуу колдонуусу окурмандын чыгарманын боюнан көркөмдүктү сезүү менен бирге, өзүнө сабак ала турган жагдайларга туш келет.

Адамдардын өз ара байланышы, аң-сезим менен көз карашы, коомдук экономикалык уклад, социалдык түзүлүштүн өсүү деңгээли материалдык жана маданий абалы менен шартталат. Ошондуктан, адамдардын ар түрдүү формацияда жаратылышка, коомго жана бирибирине болгон мамилеси, көз карашы, байланыштын маанилүү каражаты болгон тилде да көрүнбөй коюуга мүмкүн эмес.

Демек, жазуучу өлүмдү, оорулардын түрлөрүн, кудайлардын жана духтардын аттарын атоого тыюу салынган табуланган сөздөрдү да өзгөчө көркөмдүк ыкмада колдонуп келген. Аны менен бирге ошол эвфемизмдик фразеологизмдер аркылуу биз этнография менен да байланышта брло алабыз. Алардын мындай тилдик өзгөчөлүктөрүн индивидуалдык табылгалар десек болот.

Ошентип, эвфемизмдик фразеологизмдер «сөздөрдүн колдонулуш даражасын, маанисин байытат, кептин жумшак, сылык жана жандуу берилишин камсыз кылат. Ушул эле маалда айтыла турган ойду окуучу же угуучуга сылык, жатык жана элестүү жеткирүүгө өбөлгө түзөт, кептин эмоционалдуулугун жана эстетикалык татымын да арттырат» (Сапарбаев, 1997, 86).

Эвфемизмдерди колдонуу пикир алышкан адамдардын жашы, жыныстык айырмачылыктары менен тыгыз байланыштуу. Мындай сөздөргө аялдардын боюнда бар учуру да кирет.

Кыргыздарда «бооз» деген сөз малга карата колдонулат да, аял затына карата колдонуу ороӣ, уят учурайт. Ошол себептен, **боюнда бар, кош бойлуу, эки кабат, кош кабат, аягы оор, оор бойлуу** сыяктуу сөздөр колдонулат.

**Алтын-Тамга баба үйгө келсе, Гүл-Эркин эне кош кабат** (15.119-б).

Эвфемизмдик фразеологизм аркылуу Гүл-Эркиндин абалын жазуучу көркөмдөп, экспрессивдик касиети менен сүрөттөп берип жатат.

Демек, жогорудагыдай абалды аталган эвфемизмдик фразеологизмдер менен атоо байыртан келе жаткан көрүнүш болуп саналат. Аларды көркөмдөтүп окурманга тартуулоо жазуучунун тил каражаттарын иштетүү, тандоо, өтмө маанисин туя билүү чеберчилигине жараша ишке ашат. Бул жагдайдан байкоо жүргүзгөндө Т.Сыдыкбеков эвфемизмдик фразеологизмдердин стилистикалык маанисине өзгөчө мамиле кылгандыгы көрүнүп турат.

***Адабияттар***


*1. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. - Б., 2004.*

*2. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү / Түз.: Э. Абдулдаев, Д. Исаев ж.б.-Ф., 1980.*

*3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. / Түз., Джапанов А.А. Б., 2005. 120 –б.*

*4. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. / Түз., Джапанов А.А., Б., 2020. 660 –б.*

*5. Кыргыз тилинин сөздүгү. / Түз., Джапанов А.А., 1-том. -Б., 2020. 550 –б.*

*6. Кыргыз тилинин сөздүгү. / Түз., Джапанов А.А., 2-том. -Б., 2020. 550 –б.*

*7. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. -Б., 1997.*


***Рецензент: д.ф.н., проф. Тагаев М.Ж.***

*УДК: 398.2 (575. 2) (04)*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.14*

***Сыдыков Анарбай Намитаевич,***
*доктор филологических наук,*
*Бишкекский государственный университет имени Кусеина Карасаева*
*e-mail: namitaevi4@mail.ru*

# САКРАЛЬНОЕ ЧИСЛО «СЕМЬ» В КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОЛИНГВИСТИКЕ

# SACRED NUMBER "SEVEN" IN KYRGYZ ETHNOLINGUISTICS

# КЫРГЫЗ ЭТНОЛИНГВИСТИКАСЫНДАГЫ «ЖЕТИ» ЫЙЫК САНЫ

***Аннотация:*** *в статье рассматривается семантика сакрального числа «семь» в кыргызской этнолингвистике. Сакральные числа стоят рядом с такими фундаментальными категориями, как язык, фольклор, письменность, культура, религия. Сакральные числа являются универсальными и священными у всех народов мира.*

*С незапамятных времен числу «семь» придавалось магическое значение на всех языках, в том числе в кыргызском. В статье приводятся убедительные примеры из эпоса «Манас».*

***Ключевые слова:*** *сакральное, число, семь, этнолингвистика, святое число, предки, эпос «Манас».*

***Annotation****: the article discusses the semantics of the sacred number "seven" in Kyrgyz ethnolinguistics. Sacred numbers stand next to such fundamental categories as language, folklore, writing, culture, religion. Sacred numbers are universal and holy (sacred) among all peoples of the world.*

*Since immemorial times, the number "seven" has been given magical significance in all languages, including the Kyrgyz language. The article provides conclusive examples from the epic «Manas».*

***Keywords****: sacred, number, seven, ethnolinguistics, yyyk (sacred), sun (number), Jeti ATA (seven ancestors), epos «Manas» (the biggest epic in the world literature).*

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада «жети» ыйык санынын мааниси жана анын кыргыз этнолингвистикасындагы орду жөнүндө сөз болот. Сакралдык сандар тил, фольклор, маданият, религия сыяктуу өзөктүү категориялардын катарында турат. Ошондой эле сакралдык же ыйык деп аталуучу сандар дүйнөдөгү бардык тилдерде кездешет.*

*Илгерки замандан бери "жети" санына бардык элдер, ошонун ичинде кыргыздар да, магиялык маани берип келген. Макалада "Манас" эпосунан ынанымдуу мисалдар келтирилет.*

***Түйүндүү сөздөр****: сакралдык, сан, жети, этнолингвистика, ыйык сан, жети ата, эпос «Манас».*

Актуальность исследования определяется, с одной стороны, реалиями современного состояния общества, остротой переживания глубинных потребностей его развития, с другой – состоянием и логикой развития этнолингвистического, историко-культурологического и религиоведческого знания. Рушится система привычных, устоявшихся *ценностных* ориентиров, мировоззренческих концепций и идет трудный, наполненный внутренними противоречивыми коллизиями процесс рождения нового. Раздаются голоса о необходимости выработки новой национальной идеи, которая призвана предотвратить угрозу распада государства, общества и культурных ценностей народа.

Целью данного исследования является этнолингвистическое осмысление семантики сакральных чисел, как части национальной культуры киргизского народа.

Сакральные числа стоят рядом с такими фундаментальными категориями, как: язык, фольклор, письменность, культура, религия.

Сакральное (от лат. Sacrum – святыня) - священное. В теологии под сакральностью подразумевается подчинение божественному, безусловное следование какой-либо традиции познания *Бога* через умаление собственных желаний. [7] В широком смысле – всё, что имеет отношение к таинственному, религиозному, небесному, потустороннему, иррациональному, мистическому, отличающееся от обыденных вещей, понятий, явлений.

Сакральные числа являются священными у всех народов мира, и зачастую они по смыслу совпадают. Например, один, три, семь, десять, сорок и другие.

Некоторые числа не совпадают, например, число 13 у европейских народов олицетворяет что-то магическое, отрицательное, тогда как у кыргызов 13 является священным числом.

Семь – одно из самых часто встречающихся чисел в кыргызской национальной культуре. Оно (семь) встречается так же, как и у других народов в повседневной жизни, как-то: семь дней недели, седьмое число в каждом месяце, в астрологии (Жетиген – Большая Медведица), в мифологии (эпос «Эр Тёштюк»), в демонологии (жети баштуу желмогуз – семиглавый дракон), в религии (жети кабат асман – семь ступней до небес, т.е., до рая), жети кабат жер – семь слоев земли, т.е., семь врат до ада), в географии (Жети-Огуз – район на побережье Иссык-Куля), в генеалогии (жети ата – семь колен родства), в пословицах (жети өлчөп бир кес – семь раз отмерь – один раз отрежь), в эзотерике (жетинин бири кыдыр – один из семерых святой) и т.д. и т.п.

Президент А. Акаев в свое время объявил семь заветов эпоса «Манас» (Манастын жети осуяты), как опору, на которой должна строиться идеология государственности.

К сожалению, «семь заветов Манаса», как идеология государства, не сработала, поскольку они (заветы) были написаны на основе морального кодекса коммунизма, без учета традиций народа. Но это – тема для отдельного разговора.

А вот, в том же эпосе «Манас» мифологическое или сакральное значение числа «семь» трактуется следующим образом:

Анын (эр Тёштюк) жер алдына түшкөнү,
Жети жыл болгон чагы экен.
Жер үстүнө чыкканы
Жети күнчө бар экен.
С тех пор, как спустился под землю (Тёштюк),
Оказывается, минуло семь лет.
С тех пор как на землю вернулся он,
Оказывается, прошло семь дней. [5, с. 91, 3900]

Здесь упоминается герой кыргызского мифологического богатырского сказания «Эр Тёштюк», в котором повествуется о приключениях батыра Тёштюка в подземном заколдованном мире, где он воюет с фантастическими чудовищами, драконами, циклопами.

С незапамятных времен числу «семь» придавалось исключительное значение. Ему приписывали не только особый волшебный и тайный смысл, но даже и способность магически влиять на все окружающее. Многие считали его счастливым числом.

Своими корнями это суеверие уходит в глубочайшую древность. С древних времен люди жили по лунному календарю. И кыргызы не исключение, наоборот, поскольку они были скотоводами-кочевниками, им необходимо было знать движение Луны, чтобы определить месяцы для перекочевки, летовки, зимовки, определить погодные условия.

Люди заметили, что каждая фаза Луны длится примерно семь суток. И поэтому они разделили лунный месяц на четыре промежутка, каждый продолжительностью семь дней.

Но справедливости ради, надо отметить, что древние кыргызы, по всей вероятности, считали дни месяцами, то есть, по порядку до тридцати, свидетельством чему являются Орхоно-Енисейские и Таласские надписи на камнях. А современные названия дней недели являются заимствованными из персидского языка.

«Толковый словарь по оккультизму, эзотерике и парапсихологии» трактует:

«Семь, число, символизирующее совершенный порядок, полный период или цикл. Заключает в себе союз троичности и четверичности, и поэтому наделено исключительной ценностью. Оно соответствует семи направлениям пространства (два противоположных направления для каждого измерения, плюс центр), семиконечной звезде, примирению квадрата с треугольником посредством наложения последнего на предыдущий (как Небо на Землю) или путем вписывания одного в другой. Это число образует базовую серию для музыкальных нот, спектральной шкалы, планетарных сфер, и для богов, соответствующих им». [7, с. 355]

«Космические легенды Востока» Стульгинскс С.А., написанные по работам Е.П. Блаватской, А. Безонт, и Н.К. Рериха, открывают нам этих людей, как глубоких мистиков, посвященных в тайны мироздания.

В этой книге раскрываются сути Семи Великих тайн Космоса, Семи Преданиях о Планетном Человечестве, включая современные легенды (относительно к нашей эре), о Семи сказаниях о конце темной эпохи, о Семи откровениях, о начале Светлой эпохи. [2]

Известный в республике ученый-физик Б. Жумабаев в своей монографии «Кыргыз дүйнөтаанымы» («Мировоззрение кыргызов») [1, с. 191] на основании сакрального смысла числа «семь» выводит философию совершенства идеальности. В качестве подтверждения своей гипотезы приводит примеры из эпоса «Манас», фольклора, пословиц и поговорок и считает, что это системное явление природы. На наш взгляд, в постановке вопроса прослеживается эмпирическая философия Э. Канта.

Кыргызы испокон веков чтили генетическую память. Свидетельством тому являются народные сказания, именуемые «санжыра», эпос «Манас», эпос «Эр Тёштюк». Для сохранения памяти главным стержнем выступает сакральное число семь, особенно, чтобы помнить своих предков, их жизнь, экономическую деятельность, социальные условия, политическую структуру и т.д.

«Жети атасын билбеген кул» («Кто не знает своих предков до седьмого колена – раб»), - говорили кыргызы. А еще: «Тектүү жердин кызын ал» (Женись на той девушке, кто знает своих предков до седьмого колена. «Тек» - здесь обозначение дальнего пращура – А.С.)

Кыргызы запрещали жениться (выходить замуж) за родственников по отцовской линии до седьмого колена, таким образом, исключая инцест (кровосмешение), но разрешая левират и кузенный брак по женской линии.

Сказители эпоса «Манас», прежде всего, скороговоркой перечисляли родословную главного героя, а потом уже приступали к пению основного содержания. Так, по варианту великого *манасчы* (так кыргызы называют сказителей) Сагынбая Орозбакова сначала упоминаются общие предки кыргызов Кара-хан и Огуз-хан, затем перечисляются имена предков Манаса по прямой линии: Аланча-хан, Байгур, Бабыр-хан, Тёбёй (Төбөй), Кёгёй (Көгөй), Ногой и Джакып (отец Манаса). [4, с. 216]

Кыргызы для общего употребления пользовались специальной терминологией родства иерархического типа: отец – дед – прадед – предок – пращур.

В «Толковом словаре кыргызского языка» («Кыргыз тилинин сөздүгү») [3] в приложении указывается порядка двадцати наименований, как по верхней, так и по нижней вертикали. Само собой разумеется, что данные названия являются сборными и диалектными, не претендующими порядковому обозначению.

Основной вариант дается в словарном гнезде «Жети ата»: 1. Ата (отец) 2. Чоң ата (дед) 3. Баба (прадед) 4. Буба (прапрадед) 5. Куба (прадед-5) 6. Жото (прадед-6) 7. Жете (прадед-7).

Кыргызы по нижней вертикали также считали до седьмого колена. Например, когда кого-то хвалили или благословляли, говорили: «Өркөнүң өссүн!» - что означало «Пусть будут счастливыми твои потомки». Напомним один из основных широко употребляемых вариантов: 1. Бала (или уулу – сын) 2. Небере (внук) 3. Чөбөрө (правнук) 4. Кыбыра (праправнук) 5. Тыбыра (правнук-5) 6. Чүпүрө (правнук-6) 7. Өркөн (правнук-7)

Некоторые сказители трилогии эпоса «Манас», следуя стародавним традициям, добавляют еще 4 потомка, которые защищали свой народ от завоевателей, таким образом, доводя потомков главного героя до седьмого колена по нижней вертикали. В кыргызском литературоведении они называются малыми эпосами.

Так, в варианте Жусупа Мамая перечисляются следующие эпические сказания: «Манас» 1. «Семетей» 2. «Сейтек» 3. «Кененим» 4. «Сейитим» 5. «Асылбача-Бекбача» 6. «Сомбилек» 7. «Чигитей». [6, с. 223]

Число семь, как доминанта, сохранилось во многих фразеологических единицах. Приведем несколько примеров.

«Жети кашка» - семигранная плеть.

«Жети түндө» - в глубокую ночь.

«Жети атасын таанытуу» - ругательное: наказать так, чтобы до седьмого отца вспомнил.

«Жети өмүрү жерге кирүү» - глубокий стыд.

«Жети түмөн» - семь туменей (фольклорное: в эпосе «Манас» встречается, как устойчивый эпитет).

«Жети уруу» - семь племен (социальное или политическое объединение мелких племен под определенный флаг).

«Жети жыл, жети күн» - семь лет, семь дней (устойчивый эпитет в эпосе «Эр Тёштюк»).

«Жети баштуу желмогуз» - дракон или гидра из семи голов (сказка).

«Жетинин бири Кыдыр» - из семи человек один святой (в смысле везучий).

«Жети Огуз» - топоним: Семь Огузов.

«Жети Суу» - топоним: Семиречье.

Мы сегодня не знаем, как зародилась числовая магия. Может быть, древние люди смотрели на небо и видели Большую и Малую Медведиц, которые состоят из семи ярких звезд, расположенных, как 4+3 (кстати, киргизы Большую Медведицу так и называют «Жетиген» - семь рудников), а может быть, они видели семицветную радугу и не находили объяснения, а может быть они уже знали о семи планетах, а может… Иначе говоря, сакральность и священность числа семь уходит корнями в глубокую древность.

Таким образом, можно констатировать, что сакральные числа нуждаются в более глубоком и разностороннем изучении.

***Литература***

1. *Жумабаев Б. Кыргыз дүйнөтаанымы [Текст] / Б. Жумабаев. – Б.: «Бийиктик», 2010. – 356 б (с. 191)*

2. *Космические легенды Востока [Текст] / Изд-во «Сфера», Российское теософское общество. М., 1992. – 308 с.*

3. *Кыргыз тилинин сөздүгү. Биринчи бөлүк [Текст] / Б.: AVRASYA PRESS, 2011. – 880 б.*

4. *Манас. Киргизский героический эпос. Книга 1. [Текст] / М., Главная редакция восточной литературы издательства «Наука», 1984. – 544 с. (с. 216)*

5. *Манас. Киргизский героический эпос. Книга 3. [Текст] / М.: Наука, Главная редакция восточной литературы, 1990. – 512 с. (Эпос народов СССР). – с. 91, 3900*

6. *«Манас» энциклопедиясы [Текст] / Башкы ред. А. Карыпкулов, Башкы ред. мүчөлөрү: И. Айтматов ж.б., Ил. – ред. совет: Э. Абдылдаев ж.б. – Б.: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995, 1-т: Аалам – Манастын музыкасы – 1995. – 440 б. (с. 223)*

7. *Толковый словарь по эзотерике, оккультизму и парапсихологии [Текст] / -М.: Классикс Стиль, 2004. – 480 с. (с. 355)*

***Рецензент: д.филол.н. Усманбетов Б. Дж.***

*УДК: 167.1(575.2)(043.3).*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.7*

***Бутешова Айзат Раисовна***
*Эл аралык жогорку медициналык мектеби*
*Ф.и.к, доценттин милдетин аткаруучу*

# ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН НЕГИЗИНДЕГИ СТЕРЕОТИПТЕРДИН ФУНКЦИЯЛАРЫ

# ФУНКЦИИ СТЕРЕОТИПОВ В СВЕТЕ СОВРЕМЕННЫХ НАУЧНЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ

# FUNCTIONS OF STEREOTYPES IN THE LIGHT OF MODERN SCIENTIFIC RESEARCH

***Аннотация:*** *Бул илимий макаланын негизги максаты – стереотиптердин тил илиминдеги жана лингвистикадагы негизги ролун, алардын негизги функцияларын бөлүп көрсөтүү, стереотип менен адатка айланган ынанычтын айырмасын аныктоо. Буга байланыштуу стереотип, этностереотип, менталитет жана адатка айланган ынаныч сыяктуу түшүнүктөр дифференцияланды. Изилдөө процессинин жүрүшүндө стереотиптердин пайда болуу себептери такталып, аларды алып жүрүүчүлөр, ошондой эле этностереотиптердин булактары аныкталды. Окумуштуу-тилчилер изилдөөлөөрүндө стереотиптер аркылуу адам дүйнөнү чектөөсүз толугу менен таанып билерин баса белгилешти. Стереотиптердин функцияларын ар башка багыттардагы көптөгөн илимпоздор карашкан, өз изилдөө предметине жараша стереотиптердин бири-бирине кандайдыр бир байланышта болгон ар кандай функциялары белгиленип аныкталган. Макалада ар түрдүү мисалдардын негизинде стереотиптер эмоциялык боёкко, чындыкка жана негиздүүлүккө ээ экендиги көрсөтүлдү. Демек, этностереотиптердин негизги функциясы болуп элдин өзү тууралуу көз карашын коргоо, өз маданиятын жана өзүн өзү таанып билүү деңгээлин жогорулатуу эсептелет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *стереотип, коомдук стереотип, этномаданияттык стереотип, коом аралык баарлашуу.*

***Аннотация:*** *Целью данной статьи является выявление основной роли стереотипов в языкознании и лингвистике, выделение их основной функции, определение разницы между стереотипами и предрассудками. В связи с этим были дифференцированы такие понятия как стереотип, этностереотип, менталитет, предрассудки. В процессе проведенного исследования были установлены причины возникновения стереотипов, его носители, а также источники этностереотипов. Ученые-лингвисты в своих исследованиях подчеркивают, что благодаря стереотипам человек узнает мир полным без границ. Функции стереотипов рассматривались многими учеными разных направлений, и в зависимости от предмета исследований ими были выделены разные функции стереотипов, в какой-то мере перекликающихся между собой. В статье на основе примеров показано, что стереотипы обладают эмоциональной окрашенностью, истинностью и обоснованностью. Следовательно, главной функцией этнических стереотипов является защита представлений народа о самом себе, о своей культуре, и повышение уровня самосознания этноса.*

***Ключевые слова:*** *стереотип, социальный стереотип, этнокультурный стереотип, межкультурная коммуникация, предрассудки.*

***Annotation:*** *The purpose of this article is to identify the main role of stereotypes in linguistics and linguistics, highlight their main functions, determine the difference between stereotypes and prejudices. In this regard, concepts such as stereotype, ethnostereotype, mentality, and prejudice were differentiated. In the process of the study,*

*the causes of stereotypes, its carriers, as well as the sources of ethnostereotypes were established. Scientists - linguists in their studies emphasize that thanks to stereotypes a person learns the world complete without borders. The functions of stereotypes were considered by many scientists of different directions, and depending on the subject of research, they identified different functions of stereotypes, to some extent overlapping with each other. Based on examples, the article shows that stereotypes have emotional coloring, truthfulness and validity. Consequently, the main function of ethnic stereotypes is to protect the people's perceptions of themselves, their culture, and increase the level of self-awareness of the ethnic group.*

***Key words:*** *stereotype, social stereotype, ethno cultural stereotype, cross-cultural communication, prejudices.*

Кандай гана илимий изилдөө иши болбосун ал адамзаттын жашоосунун өзгөрүүсүнүн кандайдыр бир чагылышы болуп саналат.

Буга тил илими боюнча илимий эмгектер да кирет. Бул илимий макалада алыскы чет өлкөлөрдөгү стереотиптерди изилдөө чөйрөсүндө аткарылган иштерге таянуу менен тил илими жана лингвистикадагы стереотиптердин ролун, ордун белгилөөгө аракет кылдык. Акыркы жылдары тил илими жана лингвистика боюнча изилдөөлөрдө ой жүгүртүү, тил жана маданияттын бири-бири менен өз ара байланышын жана өз ара аракеттерин кароо актуалдуу болгондугун илимий адабияттардан көрүүгө болот.

Биз адамды коомдон сырткары бөлүп карай албайбыз. Анткени адам коомдо жашайт жана дайыма адамдар менен карым-катышта болуп турат. Идеалында адам жалпы коомчулуктун талкуусуна калбас үчүн өзүнүн бардык аракеттерин коомго багыттап, өзүнүн кыймыл-аракетин, сүйлөгөн сөзүн, мимикасын, жүрүш-турушун баамдап алып жүрүшү зарыл. Адам бала кезинен баштап өзүнө байкалбай эле коомдун, топтун эрежелерин сактай баштайт. Улам чоңойгон сайын өзүнүн каалоолорунан жана аракеттеринен баш тартып, кайсы бир коомдун стандарттуу эрежелерине баш ийе баштайт. Мүмкүн, ал аталган коомдун кандайдыр бир алкагында калат. Ал коомдогу өзүн алып жүрүү боюнча калыптанган эрежени сактап баштагандан тарта, анын каалоолору жана чечимдери билинип калат.

Стереотип – бул жүрүш-туруштун, сүйлөөнүн, мимиканын жестин калыптанып калган шаблону. Алар коомчулук тарабынан башкарылат, кадыресе туруктуу жана байкалбастан улам кийинки муунга өтө берет. Илимий эмгектерде табылган көп жылдык тажрыйбалар жана байкоолор көрсөткөндөй мындай шаблондор (стереотиптер) кандайдыр бир иште бир нече ирет жаңылыштык кетиргенден кийин адамдар тарабынан түзүлөт. Ар бир топ / коомчулук сүйлөөдө, жүрүм-турумда өзүнүн шаблонун же штампын түзөт, ал бара-бара бул коомчулукта бекемделет.

Стереотиптердин келип чыгышы ашыкча маалыматтардан мээни арылтуу үчүн адамдын аң-сезиминин коргонуу реакциясы деп билсе болот. Окумуштуулар эгерде мындай коргонуу болбосо, тынымсыз маалыматтардан аң-сезим чарчамак деп эсептешет. Бул изилдөөлөр стереотиптердин алгачкы негизги функциясы – *коргонуу* экендигин көрсөттү.

Стереотиптерди алып жүрүүчүлөр болуп топ/ коомчулук эсептелет, көбүрөөк белгилүүсү этностереотиптер.

Этностереотиптер – этностун стандарттык жүрүм-турумунда калыптанган, бүтүндөй бир улуттун менталитети жөнүндөгү аныкталган түшүнүк. Кадыресе аларга жөнөкөйлүк, бир багыттуулук жана айрым учурларда бурмалангандык мүнөздүү. Этностереотиптердин булагы катары адатка айланган көз караш эсептелинет. [9]

Лингвист окумуштуулар А.П. Миньяр-Белоручева менен М.Е. Покровскийдин биргелешип жазган «Азыркы тилдик мейкиндиктеги этникалык стереотиптер» макаласында бир кездерде калыптанган этностереотиптер массалык аң сезимде бекемделип, өзгөчө өзгөрүүлөргө чанда дуушар боло тургандыгы белгиленген. Алар туруктуу, эмоциялар менен шөкөттөлгөн, этникалык топтун жалпыланган образын берет. [10, 92]

В.А. Маслова «стереотиптер дайыма улуттук болот, ал эми алардын башка маданияттагы аналогу - квазистереотиптер болот, анткени алар толугу менен бирибирине дал келбейт, принципиалдуу жалпы маанилерине карабастан деталдарында, нюанстарында сөзсүз айырмачылыктар болот" деп белгилеген. Мисалы, ар түрдүү элдердин маданиятындагы кезектешүү жагдайын карап жатып, адамдардын жүрүм-турумундагы стереотиптердин айырмачылыктарын бөлүп чыгууга болот. Россияда (ал эле эмес дээрлик бардык постсоветтик өлкөлөрдө) элдер кезектер турганда: «Ким акыркы?» деп сурашат же биринин артынан бири тизилип турган адамдардын артына барып кезекке туруп калат. Айрым учурда кезекте турганда чыр-чатактар чыгып кетет, кээ бир адамдар кезекке туруп коюп, артындагы адамга эскертпестен бир жакка басып кетиши мүмкүн, кайра келгенде кезек бузулуп, чырдашуунун себебин жаратат. Айрым учурларда эки катар кезек түзүлүп, уруш-талаштар жаралган учурлар да кездешет. Кээ бир европалык өлкөлөрдө кезектин номери жазылган дүмүрчөк чыгарып бере турган атайын аппарат бар. Дүмүрчөктү алгандан кийин адам көрүнөө жерде илинип турган таблону карап турат, качан өзүнүн кезеги чыкканда кирет. Мындай стереотиптүү жүрүм-турумдар кезектер турган адамдардын ортосунда контакты талап кылбайт. [4, с.110]

Жогоруда келтирилген мисалдарда көрүнгөндөй Кыргызстандын экономикасы өскөн сайын, жалпы европалык стандарттарга, сүйлөшүү жана жүрүм-турум маданиятынын модернизациясына болгон умтулуулардан улам бул аппарат аркылуу кезек күтүү жагдайы биздин өлкөдө да иштей баштады. Буга байланыштуу банктарда, бейтапканаларда ушундай аппараттар пайда болду. Элдер келип, дүмүрчөк алып, би-

рок биздин коомдо калыптанып калган стереотиптүү адат боюнча элдерден алдыңкы номер кимде деп сурап баштайт. Бул жаңы стереотиптүү жүрүм-турумдар дагы деле биздин коомдо өз ордун таба элек экендигин, бирок жайылтылып жаткандыгын жана жакынкы араларда биздин өлкөдө да бул кадыресе стереотиптүү адатка айланып калаарын күбөлөйт.

Элдин менталитетинин жана маданиятынын негизи болуп жүрүм-турумдагы тубаса жана кийин калыптанган манералар эсептелет, башкача айтканда "маданий стереотиптер". Алар адамга туулгандан тарта кошулуп отурат. Айрым окумуштуулар маданий стереотиптер генетиалык коддо эле бекемделген деп эсептешет. [7, с.47]

Стереотиптердин пайда болуусунун негизги себептеринин бири болуп социалдык функция, башкача айтканда топтун баалуулуктарын, өзгөчөлүгүн, бөтөнчөлүгүн сактоо жана коргоо саналат.

Этникалык психология боюнча адистер жүргүзгөн социалдык-психологиялык эксперименттердин жыйынтыгы көрсөткөндөй экономикасы гүлдөп өнүккөн элдер өздөрүндө акыл, жөндөмдүүлүк, иштиктүүлүк сапаттарын калыптандырышат. Экономикасы анча өнүкпөгөн элдер айкөлдүк, меймандостук, боорукерлик сапаттарын көрсөтүшөт.

С.Г. Тер-Минасова, эки улуттун калыптанган жашоосун изилдеп чыгып: англичан менен орустардын ортосундагы параллелдерди салыштырып, анда англичандар жоопкерчиликтүү, кесипкөйлүктү баалаган, эмгекчил эл, ал эми орустар меймандостукту, акыйкаттуулукту, пикирлешүүнү жактырган эл болоорун белгилеген. [6, с 255.]

А.В. Павловскаянын изилдөөлөрүндө негизги көңүл стереотиптер адамга дүйнө жөнүндө эч кандай чектөөсү жок толук түшүнүк алууга мүмкүнчүлүктөрдү бере тургандыгына бурулган. Ал стереотиптерди тереңдетилген жана үстүртөн деп бөлүштүрөт. [5, с. 16]

*Үстүртөдөн стереотиптер* – акырындык менен калыптанат, башкача айтканда өзгөрүүчү. Коомдун туруктуулугу анын узак жашоосунан көз каранды. Үстүртөн стереотиптерге тарыхый реалдуулук менен түздөнтүз байланышкан образдар-көрүнүштөргө таандык. Алар чынында эле кызыктуу, барыдан мурда тарыхчылар үчүн, жалпы эле коомдо болуп жаткан социалдык-саясий процесстерге кызыккандарга кызыктуу.

*Тереңдетилген стереотиптер* өзгөрүлбөйт. Өзүнүн табияты боюнча алар туруктуу болот, улуттук мүнөз менен этностун өзгөчөлүгүн таанууда маанилүү. Мындай стереотиптер элдерди изилдөөдө, жалпы эеле стереотиптештирүүдө өтө баалуу. [5, с. 17]

Илимий адабияттардын анализи стереотиптердин башкы функцияларын аныктоого мүмкүндүк берди:

У. Липпман боюнча стереотиптердин негизги функциялары болуп:

1) *акыл күчүн үнөмдөө функциясы*. У. Липпман адамдын маданияты чөйрө, кеп, бөтөнчө жүрүм-турумда калыптанган, кайрадан иштелип чыккан тандамалдардан турат деп эсептейт. Стереотиптерди колдонуу өзүнүн күчүн үнөмдөө функциясын тастыктайт.

2) к*оргоо функциясы*. Стереотиптерди колдонуу топтун баалуулуктарын, кадыр-баркын, көз караштарын, пикирин коргоодо көрүнөт. Биздин мээбизде калыптанып калган үмүттүү, манералык дүйнөнүн стереотиптүү картинасы кайсы бир улуттук салттарынын өзөгү болуп калышы мүмкүн. Дүйнөнүн стереотиптүү картинасында адам ал дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү жана ага таандык деп эсептейт. [3, с.330]

Э.П. Чакалованыкы боюнча стереотиптердин төмөнкүдөй функциялары бар:

• даяр жана жөнөкөй маалыматтарды сунуштоо жолу менен адамдын аракетин түшүндүрөт;

• коммуникация боюнча өнөктөштөрдүн жүрүм-турумунун ар кандай формаларын алдын ала көрө билүүгө болот;

• пикирлеш жана өнөктөштөргө болгон мамиле боюнча жеке жүрүм-турумдун негизин калыптандырат (жеке тажрыйбадан улам стереотиптерге өзгөртүү киргизүү зарыл);

• каада-салттарды, үрп-адаттарды, өз маданиятындагы көндүмдөрдү коргойт, дүйнөнү өздүк жана чоочун деп бөлөт (оруска жакшы болсо, немиске – өлүм, чакырылбаган конок – татардан жаман);

• моделдин эталонуну, жүрүм-турумдун стандарттарына таандык коомдун мүчөлөрүн камсыздайт. [8, с. 390]

Орустар менен буряттардын оозеки маектешүүсүнүн стереотиптерин салыштырып изилдеп жатып Р.В.Бухаев өз ишинде этникалык стереотиптердин функцияларын төмөнкүчө бөлүштүрөт:

- *социалдык-этникалык интеграциялоо функциясы*. Биринчиден стереотипти колдонуу таанып билүү күчүн үнөмдөөдө менталдык муктаждыкты канааттандырат. Экинчиден топтун ички ынтымагын, анын башка топтор менен карама-каршылыгын колдоочу коомдун талатаптыран туура келет.

- этникалык стереотиптерди *коргоо функциясы*. Алардан улам "өздүк" коомчулукта эле эмес (автостереотиптер), "чоочун" (гетеростереотиптер) коомчулукта да салттуу баалуулуктарын сактап калат;

- этникалык стереотиптердин коммуникативдик функциясы "өздүк" коомчулуктун өкүлдөрүнүн арасында маалымат алмашуу менен гана бүтпөйт ("өздүктүн" арасынан "чоочунду" таанууга жардам берет);

- *таанып билүү функциясы* – өзүнүн эле микрокосмосунун эмес, тышкы дүйнөнүн образын дагы калыптандырууга жөндөмдүү;

- *манипулияциалык функция* – айрым шарттарда алар саясатты жана идеологияны жайылтуу максатында менталлитетке таасир этиши мүмкүн. [1, 43]

Стереотиптердин эмоционалдык боёгунун болушу коомдун тигил же бул жагдайында инсандык жүрүм-турумуна баа берүүгө таасир этет. Стереотиптердин негиздүүлүгү жана аныктыгы маданият менен түздөн-түз байланышта болуп, элдердин менталитетинде, жүрүм-турумунда жана аң-сезиминде чагылат.

Баарлашууда стереотиптерди колдонуу пикирлештин жүрүм-турумун божомолдоого жөндөмдүү болгон адамдын кайсы бир сапатын өстүрөт.

Стереотиптерди билүү, түшүнүү жана аны колдоно билүү коммуникациядагы алдыга коюлган максаттарга жетүүгө жардам берет. Эгер тескерисинче, стереотиптерди билбөө жана жаңылыш колдонуу көйгөйгө туш кылат. Ошондуктан, маданият аралык, улут аралык коммуникацияда калыпка түшүп калган сөздөрдү өтө этияттап колдонуп же аларды такыр эле колдонбой коюш керек.

Башка элдердин типтүү мүнөздөрүн биздин кабыл алуубуз, элестетүүбүз кандайдыр бир шарттан, алар менен сүйлөшүүнүн формасынан көз каранды. Белгилей кетүүчү нерсе, алдыга койгон максатка жетүүдө баарлашуунун мааниси чоң. Дискриминация боюнча кеңири белгилүү болгондор: расизм, гомофобия, жыныстык жана жаш курак боюнча дискриминация.

Адам кайсы бир коомдун бөлүгү болуу менен алардын арасына сиңишип кетүүгө аракет кылат, же айланасындагылар кандай болушса, ошолордой болууга аргасыз болот. Ал убакыттын өтүшү менен өзү жүргөн чөйрөнүн арасындагылар менен күнүмдүк баарлашуунун процессинде айланасындагылардын таасиринин астында калат. Ошентип билинбестен чөйрөнүн стереотиптерине баш ийет. Коомчулук дагы өзү тарабынан кабыл алууга, же өздөрүнө ылайыктуу кылып өзгөртүүгө аракет кылат. Достор, тааныштар, кесиптештер байкалбастан эле же атайылап анын жүрүм-турумун өзгөртүп коё алат. Адатка айланган көз караштардан баш тартуу үчүн абдан көп аракет кылыш керек, айланадагылардын таасири астында бул мүмкүн.

Демек, жыйынтыктай турган болсок, стереотиптер биздин күнүмдүк турмуштагы бардык лексикабызды толуктайт деп айтууга болот. Алар биргелешип же өз өзүнчө кезигет, биз аларга маани бербейбиз. Бирок бул феномен маданият аралык коммуникация процессинде башка этностордун өкүлдөрү менен өз ара аракеттин астында маанилүү ролду ойнойт. Этникалык стереотиптердин негизги функциясы болуп элдин өзүн өзү, өз маданиятын коргоосу, этностун өзүн өзү таанып билүү деңгээлин жогорулатуу эсептелинет.

***Адабияттар***


1. *Бухаева Р.В. Этнокультурные стереотипы речевого общения (на материале бурятского языка): диссертация на соискание ученой степени доктора филологических наук. / Р.В. Бухаева – Улан-Уде. 2015. – 426 с.*
2. *Гришаева Л.И., Цурикова Л.В. Введение в теорию межкультурной коммуникации. – Воронеж: ВГУ, 2004. – 424с.*
3. *Куницина В.Н., Казаринова Н.В., Погольша В.М. Межличностное общение. – СПб.: Питер, 2001. – 544с.*
4. *Маслова В.А. Лингвокультурология / В.А. Маслова. – Москва: Академия, 2001. – 208с.*
5. *Павловская А.В. Россия и Америка. Проблемы общения культур: Россия глазами американцев, 1850-1880 годы. – М., 1998. – 304 с.*
6. *Тер-Минасова С.Г. Язык и межкультурная коммуникация: учебное пособие/С.Г. Тер-Минасова. – М.: Слово, 2000. – 261с.*
7. *Уфимцева Н.В. Слово и культура/Н.В. Уфимцева // Языковое сознание: содержание и функционирование: тезисы докладов XII Международного симпозиума по психолингвистике и теории коммуникации (1-3 июня 2000г.). М., 2000. С - 253.*
8. *Чакалова Э.П. Национальная специфика языковой картины мира//Актуальные проблемы современного языкознания и литературоведения. Материалы 4-й межвузовской конференции молодых ученых. – Краснодар, 2005. С. 385 – 392.*
9. *Khan, S.R., Benda, T.S., Stagnaro, M.H. (2012). Stereotyping From the Perspective of Perceivers and Targets. Online Readings in Psychology and Culture, 5(1). https//doi.org/10.9707/2307-0919.1043*
10. *Миньяр – Белоручева А.П., Пакровская М.Е. Этнические стереотипы в современном языковом пространстве // «Вызовы XXI века» №2 [8] 2012. С. 90-94*


***Рецензент: д.филол.н., проф. Караева З.К.***

*УДК: 811.512.154*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.9*

***Джапанов Аттокур Асаналиевич***
*КРСУнун профессору, ф.и.к.*

# Т.СЫДЫКБЕКОВДУН «КӨК АСАБА» РОМАНЫНДАГЫ ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН ЛЕКСИКАЛЫК ЖАНА КВАНТАТИВДИК ВАРИАНТТАРЫ

# ЛЕКСИЧЕСКИЕ И КВАНТАТИВНЫЕ ВАРИАНТЫ ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ В РОМАНЕ Т.СЫДЫКБЕКОВА «КОК АСАБА»

# UNITS IN T.SYDYKBEKOV'S NOVEL "KOK ASABA"

***Аннотация:*** *Фразеологизмдердин варианттары өзүлөрүнүн жасалышы, пайда болуш мүнөздөрү боюнча бирдей эмес. Алар тутумуна сөз кошулуу, экинчисинде бир компоненттин башка сөз менен алмаштыруу жана үчүнчүсүндө компоненттердин өз ара орун алмаштыруу аркылуу жасалат. Көркөм чыгарма жаратууда фразеологизмдердин лексикалык варианттарын колдонуу стилистикалык аспектиден алганда да татаал кубулуш, ал кепте анын маданияттуулугун көтөрүү стилди жакшыртуу максаттарын ишке ашырууда табылгыс тилдик каражат болуп саналат. Т.Сыдыкбеков бул максатта лексикалык кордогу фразеологизмдердин айрым бөлүктөрүн башка сөз менен алмаштыруу аркылуу зор ийгиликтерге жетишкен. Мындай сөздөрдүн түгөйлөрүн колдонуу чыгармага эстетикалык мазмун жаратып, автордун кебинин маданияттуулугун арттырган. Квантативдик вариантта фразеологизмдин толук вариантынан айрым бир компоненттеринин кыскартылып айтылышынан, же тескерисинче, анын табиятына мүнөздүү болбогон башка бир сөздүн кошулуп айтылышынан фразеологизмдин негизги маанисине доо кетпейт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *фразеологизм, компонент, лексикалык вариант, квантативик вариант, "көк асаба", публицисттер.*

***Аннотация***: *Варианты фразеологизмов неоднородны по своему строению, характеру возникновения. Они создаются путем присоединения слова к системе, замена одного компонента другим словом и взаимозаменяемости компонентов третьего. Использование лексических вариантов фразеологизмов в создании художественного произведения-сложное явление даже в стилистических аспектах, которое является незаменимым языковым средством в реализации целей улучшения стиля, повышения его культуры. С этой целью Т.Сыдыкбеков добился больших успехов путем замены некоторых фразеологизмов лексического корня другими словами. Использование пар таких слов создало эстетическое содержание произведения, повысило культурность внешности автора. Из полного варианта фразеологизма в квантативном варианте не вытекает искушение основного значения фразеологизма из сокращенного произношения отдельных компонентов, или, наоборот, сложного произношения другого слова, не характерного для его природы.*

***Ключевые слова:*** *фразеологизм, компонент, лексический вариант, квантативный вариант, публицисты.*

***Abstract:*** *the variants of phrase logical units are heterogeneous in their structure and origin. They are created by attaching a word to the system, replacing one component with another word, and interchanging the components of a third. The use of lexical variants of phrase logical units in the creation of a work of art is a complex phenomenon, even in stylistic aspects, which is an indispensable language tool in the implementation of the goals of improving the style, increasing its culture. To this end, T.Sydykbekov achieved*

*great success by replacing some phrase logical units of the lexical root with other words. The use of pairs of such words created the aesthetic content of the work, increased the words created the aesthetic content of the work, increased the cultural appearance of the author. И The full version of phraseology in the quantum version does not lead to the temptation of the main meaning of phraseology from the abbreviated pronunciation of individual components, or, conversely, the complex pronunciation of another word that is not characteristic of its nature.*

***Keywords:*** *phraseology, component, lexical variant, quantiative variant, publicists.*

Фразеологизмдерди түзүүчү түгөйлөрдүн орун тартиби жана алардын арасындагы синтаксистик байланыш, негизинен, туруктуу келет. Ошондуктан булардын курамындагы (составындагы) сөздөрдү ордунан жылыштырып же аларды башка сөздөр менен алмаштырып, каалагандай өзгөртүп жиберүүгө мүмкүн боло бербейт. "Ырас, бир катар фразеологизмдердин курамындагы сөздөрдү алган орду боюнча өз ара которуштурууга, кээде башка сөздөр менен алмаштырууга, айрым бөлүгүн кыскартып же толук бойдон айта берүүгө болот. Бирок андан фразеологизмдер семантикалык жактан орчундуу өзгөртүүгө учурабайт жана бир бүтүндүк касиетин жоготпойт. Мисалы: каны кызуу - кызуу кандуу, таш боор - боору таш, жонунан кайыш алуу - жонунан кайыш тилүү, өпкө жүрөгүн чабуу - өпкө жүрөгүн кагуу ж.б.". [1, 5-б]

Бирок, мындай кубулуштар тилдеги фразеологизмдердин жалпы курамына мүнөздүү болгон көрүнүш эмес. Мунун төмөнкүдөй фактылардан улам байкоого болот. Эгерде биз **Ат тезегин кургатпай** дебестен **жылкы тезегин кургатпай** деп өзгөртүп жиберсек анда фразеологизм өзүнүн негизги касиетинен ажырап калат да, өзгөртүлгөн түрү жөн гана эркин сөз айкашына жатып калат.

Фразеологиялык варианттар фразеологизмдин составындагы компоненттердин өз ара орун алмашышы же курамына башка сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу пайда болот, тактап айтканда, "лексикалык курамы жана грамматикалык түзүлүшү боюнча айрым бир өзгөрүүлөргө учураганы менен, семантика-стилистикальис бирдиктүү касиетин толук сактаган туруктуу сөз айкашынын бир түрү фразеологизмдик варианттар деп аталат". [2, 281]

Фразеологизмдердин варианттары өзүлөрүнүн жасалышы, пайда болуш мүнөздөрү боюнча бирдей эмес. Алар тутумуна сөз кошулуу, экинчисинде бир компоненттин башка сөз менен алмаштыруу жана үчүнчүсүндө компоненттердин өз ара орун алмаштыруу аркылуу жасалат.

**А) Фразеологизмдердин лексикалык варианттары**

Лексикалык вариант фразеологизмдердин лексикалык составынын бир компонентинин башка сөз менен алмашылышы аркылуу уюшулат. Мындай өзгөчөлүк Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" романында да кезигет. Мисалга алсак, **Баатырлар кыйгач карашканы — баатырдык миздин тайыганы.** [3.334-б]

**Миздин тайыганы - миздин кайтканы** фразеологизмдери баштагыдай кайрат кыла албай, жалтануу же батына албоо, бир аз басаңдай түшүү деген маанини билдирет. Демек, кайтуу деген сөздүн ордуна таюу сөзүн алмаштырып колдонуу менен, жазуучу тилдик бай казынанын лексикалык бирдигин ыктуу колдоно алгандыгын көрөбүз. Бул сөздөрдү алмаштырып коюу менен эч кандай көркөмдүк бузулуп кеткен да жок, маани да өзгөргөн жок.

Мындай өзгөчөлүктү биз төмөнкү сүйлөмдөрден да көрө алабыз: **Талаада бөрү уктаса, үйдө иттин боору ачыр. Мен кол баштаган баатырдан ажырап, көзү өткөн эр боорумду жоктоп-сыктап жатканымда маа киндиктеш тиги арам кандар ичте болбоду. Маа боор ачытпады. Боорго тепти.** [4.338-б.]

Боору оорур деген адамдык сапатты билдирүүчү фразеологизмдеги оорур деген сөз ачыр деген сөз менен алмашылып айтылган. Албетте, бул эки фразеологизм эл ичинде көп колдонулуп жүргөн каражаттардан болуп саналат. Жана экөөнүн тең колдонулуш чөйрөсү бирдей.

Сулууга суктануу, ага жетүүнү эңсөө - турмуш агымында боло берген процесс. Ал эми ушул процессти түшүндүрүүчү көз артуу деген фразеологизмди жазуучу "**көз түшүрүү**" деп орун алмаштырып берген.

**Эр өзүнөн көп кичүү кызга <u>көз түшүрүш</u> арзуу эмес. Асылга кызыгып, ага <u>сукартуу</u>...** [5.315-б.]

Ал эми экинчи сүйлөмүндө көз артуу дегендин ордуна сук артуу деп, тескерисинче, "көз" сөзүн "сук" сөзү менен алмаштырган.

Жогорудагы фразеологизмдер азыркы учурда өтө сейрек колдонулат. Демек, коомдун өзгөрүшү менен аталган фразеологизмдер өзүнүн колдонулуш чөйрөсү боюнча тарып бара жатат десек жаңылышпайбыз. Жогорудагы лексикалык варианттын орток компоненти - **сүйүү**.

Лексикалык варианттардын уюшулушунда анын курамындагы өз ара алмашылып түшүүчү сөздөрдүн жеке, өз алдынча тургандагы маанилери бирдей болбойт. Жогорудагы сүйлөмдөрдөгү көз артуу жана көз түшүрүү фразеологизмдериндеги артуу жана түшүрүү этиштери фразеологизмдин курамындагы сөздөр менен эч кандай маанилик байланышта турбайт.

Негизинен жалпы элдик мүнөздөгү фразеологизмдер көркөм адабий чыгармаларда жана күндөлүк басма сөздөрдө жазуучулар, акындар, кээ бир публицисттер тарабынан белгилүү бир стилдик максаттар үчүн чыгармачылык менен өзгөртүлүп, жаңыртылып, кайрадан иштетилген түрдө колдонула берет. Фразеологизмдердин мындай өзгөрүүлөрү семантикалык да, структуралык да, кээде семантика-структуралык да мүнөздө болушу ыктымал.

Төмөндө биз "**таң кулан өөк болгончо**" (таң атып келе жатканда, үрүл-бүрүлдө) [6. 267] деген фразеологизмдин тутумун бузуп, өзүнүн индивидуалдык тизмегин киргизүүгө аракет кылгандыгын көрөбүз: **Жылдыз толгондо беш түмөн жапырт аттанды. Ошондон <u>таң көк салганча</u> тыным болгон жок.** [7.375-б]

Демек, жогорудагы сүйлөмдө фразеологизмдин семантика-структуралык жактан жаңылангандыгы-

на, ошол эле маалда көркөмдүк-стилистикалык жаңы маани-мазмунга ээ болгондугуна күбө болдук. Эл ичинде абийири кетүү, уят болуу, эл алдында маскара болуу, адамгерчиликтен ажыроо процессин **жүзү карaруу** [8. 108] деп атоо салтка айланган. Ал эми ушул эле маанини карам-каршысын билдирген жүзү жарык болуу деген туруктуу тизмеги бар. Бирок, бул тизмекти биз сөздүктөн таба алган жокпуз. Эл ичинде туруктуу колдонулуп жүргөндүктөн, биз аны фразеологизм деп алдык да, төмөнкү сүйлөмдө мисалга келтирдик.

**Ошо көлөкөнү аз журтумдун көзүнөн сүртүп салайын. Жүзүбүз жарык болсун!** [8.372-б]

Багыр баатыр өзүнүн аз элинен чыккан эки жүздүү Кергендин чыккынчылыгына карата оюн айтып жаткандагысы. Демек, жүзү каранын ишине каршы ишке аттануу — кайрадан жүзүн жарык кылуу дегендикке жатат.

Фразеологизмдердин тутумундагы сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштыруу бул шартка жараша ишке ашат.

**О, ондо ончо сансыз кол жазыкка сыябы, аке?**

**Сыйбаганда кайда барат, уул. Башка кўч келгенде эки аяк бир өтүккө сыяды. Айкаш аламан жарыш эмес да, уул. Чабышта ат менен киши биригип бир чукурда тирешет.** [9.434-б] Бул асты сызылган фразеологизмдеги **аяк** деген диалектилик сөз бут деген адабий тилдеги сөз менен алмашылып берилген.

Көркөм чыгарма жаратууда фразеологизмдердин жогорудагыдай лексикалык варианттарын колдонуу стилистикалык аспектиден алганда да татаал кубулуш, ал кепте анын маданияттуулугун көтөрүү стилди жакшыртуу максаттарын ишке ашырууда табылгыс тилдик каражат болуп саналат. Т.Сыдыкбеков бул максатта лексикалык кордогу фразеологизмдердин айрым бөлүктөрүн башка сөз менен алмаштыруу аркылуу зор ийгиликтерге жетишкен. Мындай сөздөрдүн түгөйлөрүн колдонуу чыгармага эстетикалык мазмун жаратып, автордун кебинин маданияттуулугун арттырган.

**Б) Фразеологизмдердин квантативдик варианттары**

***Квантатив*** - латын тилинен ***guantitos - «сан»*** деген сөзүнөн алынган термин. Ал фразеологизмдин тутумундагы сөздөрдүн сан жагынан өзгөрүшүнөн - айрым компоненттеринин түшүп айтылышынан, же тескерисинче, башка сөздөрдүн кошулуп биригишинен пайда болот.

Мисалы, ичи арам жаман ойлуу, бирөөгө жамандык кылайын деген ниети, бузукулук ою бар адамды **котур ташы койнунда** деп атап коюшат.

Мына ушул фразеологизмди жазуучу өз романында төмөнкүдөй формада берген: **Ажо учту, өзүбүз деген арам койнуна таш катты. Арамын карынга сактап, ар кими өз кызыгын көздөдү.** [10.286-б]

Бул сүйлөмдө **«котур»** деген сөз түшүрүлүп айтылган. Бирок, мындай сөздү түшүрүп айтуудан фразеологизмдик маани өзгөрүүгө учураган жок, айтайын деген ой ошол боюнча эле берилди. Көркөм чыгармада көркөм образ түзүүдө фразеологизмдин бир сөзү түшүп калышы менен стилистикалык функциясы өзгөргөн жок, автордук ой ошол эле бойдон курч, ошол бойдон так берилген.

Ушул сыяктуу эле, ынтымакты туюнтуу үчүн кыргыз элинде «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу» деген түшүнүк бар.

**Көп уруу бир баши бир кол болгон журт бийик! Көп урууну бир баш, бир кол этиш үчүн Адылтай ажо ушул табынуу күнүн шаңдуу салтанаткан айландырды.** [11.205-б]

Демек, жазуучу мында **«жакадан»**, **«жеңден»**, жана **«чыгаруу»** деген үч сөздү колдонбой кеткен. Бир караганда, фразеологизмге окшошпогону менен, сүйлөмдүн мазмуну өзү ынтымактык семантиканы берип турат. Демек, бул сүйлөмдүк фразеологизмден жазуучу жогорудагы үч сөздү кемитүү аркылуу, өзүнүн индивидуалдык фразеологизмин түзүүгө аракет кылганы көрүнүп турат.

Ушул өңүттөн алып караганда, элдин ынтымактуулугун сүрөттөөдө жазуучунун төмөнкүдөй вариантты иштеп чыгышы - жазуучунун тил байлыгынын фантазиясынын молдугунун белгиси; Жогорудагы дай конструкция жеке эле берилген сүйлөмдө эмес, чыгарманын тулкусундагы көптөгөн сүйлөмдөрүнүн тутумунда да кезигет.

**Бир баш, бир кол болобуз деп кан, або, бий, бек, билги, чечен, аксакал, баатыр колбашчы - баары көк темир өпту.** [12.334-б]

Аталган сүйлөмдө сөздүн түшүп калуу түрү берилсе, ал эми айрым сүйлөмдөрдө, тескерисинче, башка сөздөрдүн кошулуп калышы менен берилген фразеологизм да орун алган.

**Бул жолку дөө-жиндердин кагылышында кара менен ак ит жыгылыш болуп калды.** [13.300-б]

Негизинен, ит жыгылыш - кимиси жыгылып, кимисинин жыгылганын ачык, даана ажыратууга мүмкүн болбогон, тең тайлашкан абал дегенди түшүндүрөт (Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү, 1980,123).

Ал эми жазуучу бул жерде эки жаатты **"ак"** жана **"кара"** деген түшүнүктөр аркылуу берип, алардын чабышы тууралуу сүйлөмгө киргизип жиберген. Бирок, мындан фразеологизмдик мааниге өзгөрүү кирбейт. Ушул эле маалда ал кошулуп айтылган сөз фразеологизмдин түбөлүктүү курамдык элементи боло албайт. Ал тек гана жазуучу тарабынан айтылып жаткан ойдун ылайыгына жараша киргизилген жеке автордук индивидуалдуу көрүнүш катары каралууга тийиш**. Бирок ал али темир канат, жетиле элек. Ал жетилүүгө тийиш, Баатыр жылдызы жашында өчпөсүн. Жаш тал ийилчээк.** [14.344-б]

Бул сүйлөмдө **жылдызы өчпөсүн** деген фразеологизмдин ортосуна **жашында** деген сөздү киргизген. Бирок, бул сөз фразеологизм катарында эмес, жаш өзгөчөлүгүн туюндурган сөздүн орду дал ошол фразеологизмдин арасына келүүгө тийиш болгон. Себеби, **Баатыр жашында жылдызы өчпөсүн же Жашында баатырдын жылдызы өчпөсүн** деп айтууга мүмкүн эмес. Сүйлөмдүн семантикалык мааниси так болбой калат.

Негизинен, улуттук тилде **таш жаруу** деп, үнгө же атак даңкка карата айтылат, ал эми айрым учурларда ошол таш жарган нерсени көркөмдөп, өтө көтөрүп сүрөттөө максатында да башка компоненттер менен колдонулган учурлар кездешет. Мындай өзгөчөлүктөн да жазуучу куру кол калган эмес. Мисалы: **Ар дайым**

**айкырган алпты аттан түшүрө сайган. Эчен күчү таш жарган баатырды тике качырып жанчкан.** [15.423-б]

Мында жазуучу добуштун катуу угулушуна же атак-даңкы элге тароо тууралуу эмес, ошол күчтүүлүгү менен элге таанымал болгон баатыр тууралуу сөз болуп жатат. Демек, ошол баатырдын баатырдык сапатын сүрөттө максатында, эмоционапдуу-экспрессивдүү стилдик каражат катары таш жаруу тизмегине күчү деген сөздү кошуп колдонгондугун көрөбүз.

Демек, фразеологизмдин табиятына мүнөздүү болбогон, бирок айтылып жаткан ойдун кырдаалына жараша анын курамына киргизилген мындай сөздөр кошумчаланган сөздөр же кошумчаланган компоненттер деп аталат.

Ошентип, квантативдик вариантта фразеологизмдин толук вариантынан айрым бир компоненттеринин кыскартылып айтылышынан, же тескерисинче, анын табиятына мүнөздүү болбогон башка бир сөздүн кошулуп айтылышынан фразеологизмдин негизги маанисине доо кетпейт.

***Адабияттар***


*1. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. / Түз.: Э. Абдулдаев, Д. Исаев ж.б. -Ф., 1980.*

*2. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. / Түз., Джапанов А.А., 1-том. Б., 2020. 660 –б.*

*3. Кыргыз тилинин сөздүгү. / Түз., Джапанов А.А., 2-том. Б., 2020. 550 –б.*

*4. Сыдыкбеков Т. "Көк асаба" - Б., "Бийиктик", 2004.*

*5. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы, — Б., 1997.*


***Рецензент: д.ф.н., проф. Тагаев М.Ж.***

*УДК:791.43(575.2)(04)*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.15*

***Токоева Жумабубу Токтосуновна-***
*старший научный сотрудник*
*ИФПиСПИ НАН КР*

# ЖАНРОВОЕ СВОЕОБРАЗИЕ СОВРЕМЕННОГО КЫРГЫЗСКОГО КИНО

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ КИНОСУНУН ЖАНРДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# GENRE ORIGINALITY OF MODERN KYRGYZ CINEMA

***Аннотация***: *Предметом исследования статьи является рассмотрение жанрового разнообразия современного кыргызского кино. Основное внимание автор акцентирует на культурологическом анализе всех «авторских» фильмов кыргызских режиссеров в постсоветский и современный периоды. Главной целью исследования является выявление жанрового своеобразия современного отечественного кино. Новизна статьи заключается в том, что автор впервые в отечественной кинотеории рассматривает особенности и своеобразие киножанров в современном кыргызском кино на примере таких известных всему миру фильмов, как кинотрилогия А. Абдыкалыкова «Селкинчек», «Бешкемпир», «Маймыл»; «Бурная река, безмятежное море» М. Сарулу, «Айыл окмоту» Э. Абдыжапарова, «Неизвестный маршрут» Т. Бирназарова, «Курманжан-датка» С. Шер-Нияза, «Саякбай» Э. Абдыжапарова и других. Результаты исследования могут быть использованы в дальнейшей разработке культурологических проблем кыргызского киноискусства, а также в практической деятельности работников кыргызских кинематографистов.*

***Ключевые слова и фразы:*** *«авторское кино», «девяностники», тема катастрофизма, тема любви, тема самоидентификации, нонконформизм, перфекционизм, кинометафора, автобиографический триптих, трагикомедия, социальная сатира, фильм-притча, фильм-раздумье, историческая драма, мюзикл.*

***Аннотация:*** *Илимий макалада кыргыз киносунун азыркы жанрынын ар түрдүүлүгү изилденет. Негизги көңүл СССРден кийнки жана азыркы мезгилдердеги "автордук" кыргыз режиссерлордун тасмаларын анализдеп культурологиялык талдоо жургузуу болуп эсептелинет. Изилдөөнүн негизги максаты азыркы кыргыз киносунун жанрдык озгочолукторун аныктоо болуп саналат. Мисал катары томонку тасмалар анализденген: А. Абдыкалыковдун автобиографиялык училтеги: "Селкинчек", "Бешкемпир", "Маймыл"; "Бороондуу дарыя, чалкыган деңиз" М. Сарулу, Э.Абдыжапаровдун "Айыл өкмөтү", Т. Бирназаровдун "Белгисиз маршрут", "Курманжан Датка" Садык Шер-Нияз, "Саякбай" Э. Абдыжапаров. Макаланын натыйжаларын кыргыз киносунун маданий маселелерин андан ары иштеп чыгууда пайдаланса болот, ошондой эле кыргыз кинематография жаатындагы практикалык кызматкерлер да колдонсо болот.*

***Түйүндүү сөздөр жана сөз айкаштары***: *"автордук кино", катастрофизм темасы, сүйүү темасы, идентификация темасы, нонконформизм, перфекционизм,*

*кинометафора, трагикомедия, социалдык сатира, фильм-ой жугуртуу, тарыхый драма, мюзикл.*

***Resume:*** *The subject of this article is the consideration of the genre diversity of contemporary Kyrgyz cinema. The author focuses on the culturological analysis of all the "copyright" films of Kyrgyz directors in the post-Soviet and modern periods. The main goal of the study is to identify the genre identity of modern Russian cinema. The main research method is a comprehensive, systematic approach to the study of this problem, which is based on a comparative historical analysis method. The novelty of the article lies in the fact that the author for the first time in the national cinema theory examines the features and originality of cinema genres in contemporary Kyrgyz cinema by the example of such world-famous films as A. Abdykalykov's film trilogy "Selkinchek", "Beshkampir", "Maymyl"; "Rough River, Tranquil Sea" M. Sarulu, "Aiyl okmotu" E. Abdyzhaparova, "Unknown Route" T. Birnazarova, "Kurmanzhan-Datka" S. Sher-Niyaza, "Sayakbai" E. Abdyzhaparov and others. The results of the study can be used in the further development of the cultural problems of Kyrgyz cinema, as well as in the practical activities of Kyrgyz filmmakers. In the conditions of the modern development of cinematography, the combination of multi-genre films from comedy to historical-geographical attracts the attention of a wide audience against the backdrop of competition in this area.*

***Keywords and phrases:*** *"author's Kyrgyz cinema", "nineties", catastrophic theme, love theme, self-identification theme, nonconformism, perfectionism, film metaphor, movie genres: autobiographical triptych, tragicomedy, social satire, parable film, meditation film, historical film drama, musical.*

Наступившее Третье тысячелетие стало поворотным моментом в общественно-историческом развитии бывшего СССР, когда союзные республики вышли из состава СССР и стали развиваться по пути демократических преобразований. Демократические реформы постсоветского времени позволили по-новому взглянуть на многие исторические и нравственные проблемы кыргызского общества, были восстановлены многие факты и события, которые раньше игнорировались по различным причинам, как например, признание исторического приоритета и значимости для современников древней культуры великой кочевой цивилизации, а также древней культуры кыргызского этноса; сохранение культурно-исторической национальной идентичности, восстановление и развитие утраченных некоторых национальных обычаев и традиций.

В 90 –е годы в игровом кыргызском кино традиционная тематика прошлых лет – история, эпос, кинодрама – сошли с экрана, не говоря о производственной теме. Взамен им пришла мелодрама, криминальный детектив, бытовой триллер, а также хэппининг, новеллы, "черная комедия" и другие. В литературном кино наступило время экранизации уже не повестей, а романов Ч. Айтматова "И дольше века длится день", "Плаха" (Д. Садырбаев, Б. Карагулов), причем эти авторы создают собственные кинометафоры, которых нет на страницах айтматовской прозы.

Следует отметить, что в начале 90-х годов прошлого столетия в кыргызском кинематографе , несмотря на экономический кризис, наметилось новое направление, так называемое "авторское кино", для которого была характерна повышенная ответственность художника, обращающего к исследованию действительности. Прав был С. Юткевич, утверждавший, что "создателей картин может быть несколько, но автор должен быть один, потому что мысль, концепции, заложенные в основе художественного произведения, должны исходить от одной личности, независимо от того, автор ли этого сценария или режиссер. И наоборот, философский кинематограф всегда авторский".

Появление "авторского кино" в 90-е годы способствовало развитию "второй волны" в кыргызском кинематографе, которая вошла в историю кино как "период девяностников". "Девяностники", а к ним относятся такие молодые режиссеры того времени, как А. Абдыкалыков(позднее он стал именовать себя Актан Кубат Арым), М. Сарулу, Э. Абдыжапаров, Т. Бирназаров и другие, создали замечательные разножанровые художественные фильмы, которые отличались друг от друга и постановкой тематики фильмов, и социальным содержанием, и идейным смыслом.

Так, в 90-е годы А. Абдыкалыков создал впервые в отечественном кино авторбиографический триптих: "Селкинчек"(1993), "Бешкемпир"(1998), "Маймыл"(2001). Фильмы сняты в эстетике чистого искусства, который не предполагает диалогов. "Селкинчек" по жанру – автобиографическая история об открытии мира "взрослых чувств" одиннадцатилетним мальчиком, влюбленным в девушку намного старше его. По словам киноведа киноведа Г. Толомушевой "Селкинчек" – "картина экзистенциальная, повествующая о том сложном пути, который проходит человек в своем внутреннем развитии – от " неподельного существования"(согласно теории Серена Кьеркогора об экзистенции) к "подлинному существованию". Герой фильма - маленький мальчик, который постепенно совершает переход от созерцательно-чувственного способа бытия, детерминированного внешнимим факторами среды, к самому себе. Мальчик ,пройдя все стадии экзистенции, приходит к духовной экзистенции.

В начале 90-ых годов другой режиссер "второй волны" М. Сарулу снимает фильм "Бурная река, безмятежное небо" при финансовой поддержке казахстанского бизнесмена Саида Габдуллина. Черно-белая лента в форме притчи о трех рассорившихся братьях несла весть о гибели Союза и мучительном поиске нового объединения. Городская по теме фильм, про-

низанный духом катастрофизма, оплакивал крушение коллективной семьи, свидетельствуя о геополитическом конце СССР. С другой стороны, это был изысканный стилистический эксперимент с непривычной для отечественного кино драматургической схемой, плавным ритмом, необычным монтажом и персонажами. Нонконформизм и строгий перфекционизм в сфере поэтики автора "Бурной реки, безмятежного моря" были вызваны его скепсисом в отношении кинематографических работ старшего поколения.

"Селкинчек" А. Абдыкалыкова и "Бурная река..." М. Сарулу воплощали два полюса авторского кинематографа Кыргызстана, придав ему неповторимую своеобразность, став брендом "второй новой волны". Они включили в отечественное кино две темы, отражающие дух новой эпохи: тему катастрофизма и тему любви. Дебютировав в один год (1993), оба фильма задали импульс дальнейшего развития отечественного кино и обозначили рубеж прежней и начало новой эпохи.

Продолжением "Селкинчек" был фильм "Бешкемпир", снятый на киностудии "Кыргызфильм" А.Абдыкалыковым совместно с французской фирмой "Ное Продуксьен" в 1998 году. В фильме тема экзистенции развивается в другом ракурсе: происходит углубление экзистенциального конфликта героя как с самим собой, так и с окружающим миром, а затем – его выход на ясный осознанный путь. Сам режиссер о своем фильме сказал: "Мой фильм сложен как кыргызский курак. Каждый кусочек ткани содержит информацию об умершем человеке. Дело в том, что согласно обычаю, во время похорон раздаются лоскутки всем пришедшим помянуть покойного. Потом из собранных лоскутков будет изготовлено полотно. Мой фильм – это попытка сотворить коллективную память кыргызского народа".

В основе фильма – личные воспоминания режиссера. В фильме подросток Бешкемпир(М. Абдыкалыков) случайно узнает тайну своего имени. Он в семье приемный сын. Он замкнулся в себе, в таком состоянии пребывал долго, пока не перенес переживания на полотно. Историю своего имени и рождения он принял как данное и издревле сложившуюся традицию кыргызского народа, когда многодетные родители по собственному желанию могли предложить своего ребенка, желательно мальчика, бездетной родне, что и случилось с мальчиком. Теперь он в ответе за свою бабушку, ибо она перед смертью попросила, чтобы он, Бешкемпир, ее приемный внук, стал ответственным лицом на ее похоронах. После похорон бабушки Бешкемпир понял, что детство его закончилось, и не имеет значения – приемыш он или нет, потому что впереди – взрослая жизнь. Эта история обретения Матери и прощания с ней.

В своей статье "Реконструкция национального пространства" казахский киновед Г. Абикеева пишет: " В фильме "Бешкемпир" А. Абдыкалыкову удалось создать вневременное национальное кыргызское пространство благодаря использованию языка национальных традиций. Фильм не просто повествует об общечеловеческих переживаниях, он выявляет глубинную суть морально-этических ценностей и поведенческих моделей, свойственных именно кыргызам. А. Абдыкалыков воссоздает модель кыргызского аила, где в момент горя,тяжелых потерь происходит процесс единения сообщества. В конце концов это фильм не о судьбе конкреного мальчика, а фильм о мровоззренческих основах нации. Поэтому эта лента так хорошо принята, прежде всего, кыргызским зрителем. Ее международное признание – призы более чем двадцати международных фестивалей – обусловлено именно открытием нового, доселе неведанного национального пространства".

Заключительную часть своего автобиографического триптиха А. Абдыкалыков снял в начале 2000-х годов фильмом "Маймыл", завершив свой любовный цикл, создав не имеющий прецендента в отечественном кино проникновенный триптих о детской, отроческой и юношеской любви.

Режиссер намеревался рассказать о переживаниях непривлекательного молодого человека (М. Абдыкалыков), которого все называют Маймыл(Обезьяна), хотя он внутренне одухотворен и мужественен, но немногословен. В картине ему противопоставлена Зина – девушка легкого поведения, антипод Маймыла. В ней, как и в Маймыле, заложена недюжинная сила, но направлена на негативную сторону.

Еще одним знаковым фильмом 2000-х годов стал фильм М. Сарулу "Брат мой, Шелковый путь". М. Сарулу в отечественное кино вошел разножанровыми картинами, в которых остро ставил общественно-социальные проблемы. Фильм продолжил заявленный в ленте "Бурная река..." М. Сарулу тему катастрофизма. Картина по жанру фильм-странствие, снятый в черно-белом стиле – об отрыве от почвы,о драме расставания, о духе скитаний и поиске духовной Родины. Сюжет ленты замысловат и, как всегда у М.Сарулу, экспериментален: четверо детей из горного урочища, подстрекаемый задиристым и хулиганистым старшим подростком, спускаются с гор в степь, к железной магистрали, где в древние времена проходила трасса Великого Шелкового пути. А тем временем навстречу детям мчится поезд. Поезд везет несчастных, обездоленных людей в неизвестном направлении по широкой степи. В поезде едут только взрослые, среди них молодой художник (Ч. Думанаев), который и является главным героем фильма. Будучи человеком беспокойным, он ищет адекватное пространство для самовыражения, поэтому в этом несущемся с грохотом составе он не находит себе места, и пассажиры выбрасывают его из поезда.

Режиссер признается, что: " В своем фильме "Брат мой, Шелковый путь" я показываю весьма драматическую ситуацию, в котором люди творческой среды невостребованы нынешней цивилизацией и их сбрасывают с корабля современности".

Архетип катастрофы и распада, воплощенный в фильмах М. Сарулу, повторяются в дебютных полнометражных лентах "Неизвестный маршрут" Т. Бирназарова(2008) и "Айыл окмоту" Э. Абдыжапарова(2004). Оба фильма по жанру являются комедиями, однако "Айыл окмоту", по признанию самого режиссера Э. Адбыжапарова, это трагикомедия, а "Неизвестный маршрут" Т. Бирназарова - социальная сатира. Обратимся к фильму Т. Бирназарова "Неизвестный маршрут". Эта кинокартина была попыткой создать

кинометафору об обществе, потерявшем ориентиры и управление, на примере заблудившегося в ночном тумане автобусе, набитого маргинальной публикой. В этом фильме узнаваемый образ родной страны, граждане которой не могут найти житейского компромисса. Страна, которой управляют никчемные рулевые, а граждане невменяемы к элементарным законам сосуществования. Страна как бы катится в никуда.

Фильм "Неизвестный маршрут" – это, прежде всего, гражданский поступок режиссера, ибо многие негативные явления нашей жизни того периода истории были им ярко и броско показаны на экране. Одна поездка на рейсовом автобусе отразила все, что мы пережили с момента распада СССР до сегодняшнего дня.

Фильм получился сатирической иллюстрацией к новой главе кыргызской истории с весьма узнаваемыми персонажами и известными сюжетными ходами: бегством рулящего(вспомним судьбу первого президента КР А. Акаева), призывами к законности, выборами нового водителя, спорами о демократии.

В фильме "Айыл окмоту" (2004) автор с иронией рассказывает историю горного села в переходный период, когда Советского Союза уже не стало, а новая система еще была не создана. В фильме получили сатирическое отображение разные социальные слои общества(председатель Айыл окмоту, которого ничто не волнует, кроме своего места; участковый милиционер, который не силах разоблачить айильного вора; знахарь-целительница, к которой ходят все больные, айильный оппозиционер, критикующий все и всех; социалист-иоговист, призывающий людей к Богу). Сельчане, как показано в фильме, все еще не могут выйти из оцепенения после развала СССР: нет работы в селе, земля не пахана целых два года из-за отсутствия солярки. Каждый выживает как может: некоторые из сельчан, дешево продав домашнюю утварь, на вырученные гроши выпивают горького или слушают истерические выступления оппозиционера (Ж. Камчиев) и социалиста-иоговиста (Б. Тилебалдиев).

Председатель айыл окмоту, роль которого интересно сыграл известный актер-сатирик К. Абылов, действительно создал трагикомический образ своего героя, который дорожит лишь своей должностью, пренебрегая чаяния своих односельчан.

Авторы фильма серьезные вещи преподнесли иронически. Это – редкая удача, когда со зрителем можно смеясь говорить о больших социальных проблемах.

В 2010 году А. Абдыкалыков, через 9 лет молчания, снял свой нашумевший фильм "Свет-аке", где сам же снялся в главной роли. Трудно определить жанр этой ленты, можно назвать и трагикомедией, и в то же время это социальная драма. Главный герой фильма неунывающий электрик, которого земляки ласково называют Свет-аке(А. Абдыкалыков). Именно он, человек с отзывчивой душой и добрым сердцем не только подключает элестрический Свет, который часто отключается в домах односельчан, но привносит в их быт Свет любви, жизни, а главное – Свет смеха. Всем он поможет и везде поспеет. Им движет мощная энергия жизни, здоровый оптимизм.

В фильме "Свет-аке чувствется боль за простых людей, за страну, в котором мы живем. Через драматическую судьбу маленького светлого человека, пытающегося противостоять мраку, показана трагедия всего народа. Местами кажется, что ситуация безысходна, но в конце фильма появляется надежда, хотя она мерцающая, как лампочка, включающаяся от энергии ветра.

